
5 К.Базарбаев: «Миң майыпты көрсөң, көз карашың өзгөрөт»



3 Л.Мамытова: «Шайлоонун чоң казат экенине көзүм жетти»




# САРЕСЕП

24-сентябрь, 2015-жыл
№19 (19)
saresep.kg
Калыс көз карап




Жолбун иттер жоругу

6-бетте



А.Сариев: “Мыйзамды БШК да, партиялар да бузууда”

9-бетте



Б.Тиленбаева: “Кыргызстан дешкенде ыйлап жибердим“


13-бетте





10-бетте

# Өзүнүн тилин сүйбөгөн, Өзгөнү таанып жарытпайт



## Партияларга колдоо көрсөткөн кызматкерлер иштен алынат

Мамлекеттик кызматкерлердин саясий партияларга колдоо көрсөткөн фактылары аныкталса, ээлеген кызматынан бошотуу жазасы колдонулат. Бул тууралуу шайлоого даярдануу жана өткөрүү учурунда тартипти сактоо жана камсыздоо маселеси боюнча координациялык кеңештин жыйынында КРнын вице-премьер-министри Абдырахман Маматалиев билдирди.

Вице-премьер-министр: "Шайлоо учурунда күтүлбөгөн кырдаалдар боюнча ыкчам чечим кабыл алуу, анын ичинде укукка туура келбеген коомдук тартипти, жарандардын тынчтыгын бузууга алып келүүчү түрдүү аракеттерди жана акцияларды алдын алуу боюнча тиешелүү бирдиктүү план иштелип чыгышы керек" деп белгилеп, мыйзам бузууга жол берилбейт деди.

Жыйынтыгында А.Маматалиев бардык мамлекеттик органдардын жетекчилерин жер-жерлерде коомдук тартипти жана туруктуулукту сактоо боюнча зарыл чараларды кабыл алып, жоопкерчиликтүү иштөөгө чакырды.



## Бүгүн Ошто мэр тарабынан аймактарга курмандык чалынат

Бүгүн саат 8:00дө Ош шаарынын борбордук аянтында Курман айт намазы окулат. Андан соң, Курман Айт майрамын белгилөө максатында 12 аймактык кеңеште жана Жапалак айылдык башкармалыгында иш-чаралар өтөт. Бул тууралуу Ош шаардык мэриясынын басма сөз кызматы билдирди.

Аймактарга кара малдан курмандык союу үчүн Ош шаарынын мэри Айтмамат Кадырбаев 13 бодо мал соёт. Буга мэрдин фондунан 780 миң сом бөлүндү. Бул каражат ар бир аймактык кеңешке 60 миң сомдон тиет. Курмандыкка чалынган малдын эти элге таратылып, Ош шаарынын мэри А.Кадырбаев №1 Туран, №12 Курманжан Датка, №3 Сулайман-Too, №9 Амир-Тимур аймактык кеңештерине барып, жергиликтүү тургундарды куттуктайт.

Ал эми вице-мэрлер калган ар бир аймакка барып, жалпы эл менен чогуу Курман Айт майрамын белгилешет. Мындай иш-чаранын максаты өткөндөрдү эскерип Куран түшүрүү, аларга сый-урмат көрсөтүү жана эл арасындагы ынтымакты, достукту бекемдөө болуп саналат.

# Кыргызстанда өндүрүлгөн бал дүйнөдө мыкты деп аталды

Түштүк Кореянын Тэжон шаарында өткөн балчылардын эл аралык конференциясынын 44-айлампасында Кыргызстанда өндүрүлгөн бал "эң мыкты" деп табылды. Бул тууралуу "Кыргыз балчылар" биримдигинен кабарлашты. Балга арналган бул эл аралык иш-чарага 146 мамлекеттен өндүрүүчүлөр катышты.




Кыргызстан бул конференцияга алгач 2013-жылы катышып, 5 медаль алган. Мындай иш-чараларга катышуу өлкөбүздүн балынын сыртка сатылуусун бир топ арттырган. Быйылкы бал конференциясында мамлекетибизде өндүрүлгөн балдын түрлөрү 4 коло, 2 күмүш, 1 алтын жана баш байгеге татыктуу болду. "Кыргыз балчыларынын биримдигинин" президенти Казим Каракетов азыр кыргыз балын 18 мамлекетке экспорттоп жатышканын. Алардын арасында алыскы Жапонияга да биздин бал жыл сайын улам көбүрөк сатыла баштаганын сүйүнчүлөдү.

## Кыргызстан менен Россиянын аймактары түз кызматташат

22-сентябрда Орусиядан Кыргызстанга делегация келип, делегациянын максаты Кыргызстан-Россия аймактар аралык кызматташуусун бекемдөөгө багытталды. Новосибирск, Оренбург, Саратов облустары жана Башкортастан Республикасынын башчылары товар жүгүртүүдөгү өз мүмкүнчүлүктөрү менен кыргызстандыктарды тааныштырды.

Саратов облусунун губернатору Валерий Радаев: «Саратов облусу Кыргызстан менен соода алакабызды ар багытта алып кетсек болот. Кыргызстан Евразия экономикалык биримдигине (ЕАЭБ) толук кандуу мүчө болгондон бери жол дагы кеңирээк ачылды. Биз Саратов облусунан көбүнчө унаа тетиктерин алып келебиз. Ал эми Кыргызстандын мөмө-жемиштерине кызыкдарбыз. Бизге таза азыктардан жасалган даяр ширелер барып турса жакшы болмок. Биз ушул жааттагы долбоорлорду колдойбуз».

Жеринде соода үйлөрү курулса, дыйкандарга ыңгайлуу боло турганын таластык ишкер Байышбек Жуманазаров белгилеп: «Айыл чарба багытында Талас аймагында бардык шарттар камтылган. Кичи ишканалар да жок эмес. Анда учурда эт, сүт багытындагы продукциялар өндүрүлүп жатат. Колбаса, сырлар чыгууда. Кыргызстан ЕАЭБге толук кандуу мүчө болгондон бери бул кичи ишканаларыбыз чоңоёруна ишеничибиз чоң. Дыйкандардын да кызыгуусу зор. Ошол себептүү аймактарда соода үйлөрүн орусиялык ишкерлер менен бирдикте ачсак жакшы болот эле», - деген сунушун айткан.

Конференцияда Россия Федерациясынын Экономика министринин орун басары Александр Цыбульский жана Кыргыз Республикасынын Экономика министри Олег Панкратов аймактар аралык алаканы бекемдөө үчүн жагымдуу шарттар түзүлөрүн убадалады. Буга мисал катары



2015-жылдын I жарым жылдыгында Орусиядан кирген инвестициянын көлөмү 76 млн. долларга жеткени белгиленди.

## Кыргызстанды 19 экономикалык районго эле бөлүп койсо болот

Учурда өкмөттүн жаңы түзүмү даярдалууда. Шайлоодон кийин ал парламенттин кароосуна коюлмакчы. Өкмөттүн бул планы тууралуу легендарлуу парламенттин депутаты, экономика илимдеринин кандидаты Кубанычбек Идинов кээ бир мамлекеттик мекемелерди жоюп, кээ бирин 70% кыскартса болот дейт.

К.Идиновдун айтымында: "Өкмөткө ушунчалык көп акчаны казынада сактап-кармап тура бергендин өзү туура эмес. Мисалы, ИИМ, УКМК жана анын алдындагы Коррупцияга каршы күрөшүү кызматы дагы коррупцияга каршы иштеп жатат. Өкмөттүн алдында Каржы полициясы дагы түзүлүп, андан кийин Экономикалык кылмыштарга каршы күрөшүү агенттиги болуп өзгөрдү. Булардын баарынын кылып жаткан иштери бир эле нерсе болуп жатпайбы. Мынчалык көзөмөлдүн эмне кереги бар?

Чарбага кийлигише турган органдардын бардыгын ассоциация кылып салыш керек. Мисалы, дыйкандардын ассоциациясын түзүп коюшсун. Кийим тигүүчүлөр ошентип эле чыгышпадыбы. Жеңил



өнөр жай, тамак-аш өнөр жайы дегенди жоюп койдук эле, өздөрү эле ассоциация түзүп алышты. Өзүнүн аппаратын өзү түзүп алды. Бул ишкерлер үчүн иштей турган аппарат болот .

Эл үчүн керектүүлөрүн калтырып койсок болот. Мисалы, Билим берүү, Саламаттыкты сактоо министрликтери керек. Булардын ишкердикке тоскоолдугу болбойт. Мамлекеттик стандарт үчүн булар керек. Агенттик, ведомстволорду карап отурсаң 70%га кыскартып койчу жагдай бар. Мунун баарына казынадан акча кароонун кереги жок. Ал эми укук коргоо органдарын тескерисинче күчтөндүрүү керек. Чек арачыларга, милицияга, УКМКга үйлөрдү салып, Президент айбай туура кылып жатат. Бир канча жыл иштесеңер ушул үй силердики болот деген сыяктуу.

Биз 40-50 район, 25тей шаар, 7 область кылып кармап жатпайбызбы. Инновациялык экономика институтунун директору профессор Мусакожоев менен Осмонбеков деген геолог экөөнүн группасы менен экономикалык райондорду кантип түзүү керек деген сонун планы бар. Анда Кыргызстанда табияттын шарттарына жараша 19 округдук район түзүп койсо болот. Бул жерде жердин шарты, бардыгы ошонун ичине кирет".

# Л.Мамытова: «Шайлоонун чоң казат экенине көзүм жетти»

Журналисттик кесипти бир нече жыл аркалап, көгүлтүр экранга көрк берип, көрүүчүлөрдүн көңүлүнө арзыган диктор Лунара Мамытова эми өзүн саясаттан байкап көрмөкчү. Аркалаган кесибин артка таштап, саясаттын чыйыр жолуна аттануусуна эмне түрткү болду экен деген суроолорго жооп алуу үчүн Лунара айымды сөзгө тартууну чечтик

**– Көп жылдардан бери дикторлук кесипти аркалап келесиз. Өлкөнүн булуң-бурчуна чейин сизди жазбай тааныйт эмеспи. Жадагалса кээ бир көрөрмандардан «Диктордун жүзүн көрүү үчүн эле жаңылыктар программасын көрөм" деген кептерди угуп калган учурлар болду. Ушундан улам сүйгөн кесибиңизди таштап, бийликке аттанганыңыздын себеби эмнеде деген суроо туулбай койбойт экен.**

– Жашообузга эреже катары сиңип калган "Эгерде сен саясатка аралашпасаң, саясат сенин жашооңо аралашат" деген кеп бар. Бул сөз ар бир адам түздөн-түз саясатка аралашпаса да саясаттын кесепети тийбейт деп айтылат. ташкан коомдо жашап жатканына далил. Экинчиси, менин алгачкы жогорку кесибим тарыхчы болгондуктан, бул менин саясатка аралашуума чоң стимул болду окшойт. Тарых бул саясатка жакын тармак. Демек, бул мени өз жолунда кетип жатат деген эле сөз. Үчүнчүсү, менин саясатка аттануума дикторлук кесибим да түрткү болду. Анткени социалдык же маданий гана эмес, саясий жаңылыктарды алып барганга да туура келди. Эң негизги себеп – өлкөнүн бүгүнкү күндөгү абалын көрүүгө, баа берүүгө ар бир жаран милдеттүүбүз. Биз андагы олуттуу көйгөйлөргө көз жумуп коё албайбыз. Өзүмдүн жылуу ордумда отура берсем деле болмок, бирок ал нерсеге дитим чыдаган жок. Отуруп ойлонсом, аракеттенүү, күч жумшоо керек экен. Ал эми ошол аракеттердин Ак үй аркылуу ишке ашырылары бышык. Мына ушул себептерден улам мен саясатка ат салыштым.

**– Саясатка аттануңузга бир туугандар, үй-бүлөңүз, жолдошуңуз кандай карады?**

– Чынында, алардын менин саясатка киришиме түздөн-түз тиешеси бар. Ата-энем, бир туугандарым, кесиптеш досторум, жадагалса жолдошум дагы мени колдоп отурат десем болот. Алар жок болсо, мен бүгүн бул жерде отурмак эмесмин. Мүмкүн таптакыр башка тармакта жүрмөкмүн. Алардын айткан кепкеңештери, сын-пикирлери менин саясатка аттануума чоң дем берди. Алар "Лунара, сен илимдүүсүң, билимдүүсүң, адамдын көркүн сөз ачат демекчи, сөз баккан сөзмөрсүң, сенде зор потенциал бар. Дикторлук креслодо отура бермек белең, өзүңдү башка чөйрөдөн да байкап көрбөйсүңбү" деген сунуш кептерин айтып калышчу. Мен үчүн жакындарымдын пикирлери абдан маанилүү. Алардын кеп-кеңештерин, сунуштоолорун четке каксам, аларды кадырлабаган болуп калам. Чынында адам бир эле жерде отура берсе мокоп калат экен. Адам өсүп өнүгүшү, умтулушу керек.

**– Өзүңүз билсеңиз керек, депутаттыкка талапкер биздин атка минерлерибиз убагында убаданы берип алып, кийин «айттым, бирок кайттым» болуп убаданы унуткарып кетип жатат. Сиз убадага бекем турган адамсызбы?**

– Аны менин жакын адамдарымдан сурасаңар туура болчудай. "Малдын сыры ээсине, кыздын сыры төркүнүнө маалым" дегендей, менин да мүнөзүмдү алар жакшы билсе керек. Өзүмдү принциптүү, маселени негизинен козгогон адаммын десем мактанып калчудай болуп турам. Негизи эле убаданы бергенден кийин аны сөзсүз аткара билиш керек. Демек, айтылган сөз аракетсиз калбаш керек. Ал эми партияларды сөз кыла келсек, мисалы, бир партия бир мыйзамга сунуштоо же өзгөртүү киргизе турган болсо, депутаттардын жок дегенде 50-60 пайызы колдоосу зарыл. Эгерде каршы тараптын пайыздык көлөмү андан да жогорулап кетсе, ошол партиянын ойлогон мүдөөсү өз максатына жетпей калышы толук мүмкүн. Ошондуктан партиялардын платформасында көрсөтүлгөн программалардын же берилген убаданын иш жүзүнө ашарына шайлоочунун да, шайлануучунун да ролу чоң.

**– Шайлоонун үгүт иштери ортолоп калган учур. Сиз дагы үгүттөө иштерине катышып жатсаңыз керек. Деген, алыскы аймактардагы элдин акыбалы сизди кандай таасирде калтырды?**

– Үгүт иштерине азыр мен көбүнчө басма сөз катчысы катары катышып жатам. Тактап айтканда, уюштуруучу катары теледебаттарга, программаларга катышып, медиапландарды түзүп, ошолор менен алектенип жатам. Бирок партиянын пландары менен тааныштыруу максатында 10 күндөн ашык команда менен жергебиздин жети дубанын кыдырып жүрдүм. Элет элинин ар бири менен жолугуп, алардын акыбалын сурап, көйгөйүн угууга, чындап келгенде убакыт жетпесе да, мен алардын абалын абдан жакшы билем. Мисалы, азыр ар бир жаран өзүн-өзү багып жатат, мамлекет дагы "өзүңө-өзүң кам көрүп ал" деген таризде. Ошону үчүн ишке жарамдуу жаштарыбыздын баары чет жакка кетип жүрөт. Россияда же Казакстанда өзүнүн да оокатын кылып, жакынын да багып, мамлекеттин экономикасына да чоң салымын кошуп жаткандар аз эмес экени ачык көрүнүш.



**– Бузулган эски система жаңыланып, таза, тунук, адилеттүү шайлоо өтөрүнө ишенесизби? Пикириңиз менен бөлүшө кетсеңиз.**

– Мен саясатка аралашып жатып, шайлоонун чоң казат экенине көзүм жетти. Ошол чоң казатка адамдар шайлоону таза өткөрөбүз деген жакшы ниет менен аттанышы керек. Мисалы, ар бир партия, ошол партиядагы ар бир адам жана жөнөкөй жаран жогоруда айтылган жоопкерчиликти мойнуна алса, анда шайлоо адилеттүү өтөрү бышык. А эгерде мыйзам бузуу жолу менен барса, ошол жол менен шайлоолор өтсө, анда албетте, Акаевдин же Бакиевдин учурундагыдай эле система кайра кайталанары анык. Бирок алдыдагы шайлоонун таза өтөрүнө баарыбыздын үмүтүбүз чоң. Анткени бул шайлоо болуп өткөн шайлоолордон айырмаланып, биометрикалык каттоонун негизинде өтөрү белгилүү.

**– Эгерде депутаттыкка илинбей калсаңыз, мындан ары эмне иш менен алектенүүнү пландап жатасыз?**

– Мен ишсиз калбайт болушум керек деп ойлойм. Себеби өзүмө ишенем, талантыма, билимиме, жөндөмүмө ишенем. Азыр бул жөнүндө атайын отуруп алып кененирээк ойлоно элекмин. Аны убакыт көрсөтөт. Балким, КТРКга кайра келем. Балким, дагы башка сунуштар түшүп калат. Көп эле сунуштар түшкөн, азыр да түшүп жатканын кошумчалап кетким келет. Кандай болгон күндө да жумушсуз калбайм го.

**– Депутат болуп калсаңыз өлкөнүн өнүгүүсү үчүн кандай чараларды көрөт элеңиз?**


– Мен бийликке өтө деле башкалардай болуп жулунуп, депутаттык креслону талашканга умтулбайм деле. Мага эң негизгиси, менин, менин бир туугандарымдын жашоосу, алардын кошунасынын, деги эле кыргыз элинин жашоосу жакшырса болду. Парламентке келген күнү да ошол ойдо жүрөм. Ал үчүн эмне керек? Өлкөдө азыр өзгөртүү керек болгон көптөгөн катачылыктар бар. Мисалы, төрөт үйүндөгү системаны алалы, энелер төрөгөнү үчүн мамлекетке акча берет экен. А эмнеге? Тескерисинче, мамлекет энелерге акча берүүсү шарт го. Анткени алар өлкө өнүгүүсү үчүн ат көтөргүс салым кошуп жатпайбы. Экинчиден, журналисттердин укугу мени көп ойлондурат. Журналисттер бийликтин бир бутагы болгону менен аны эч ким мойнуна алгысы келбейт. Алар кимдер жана кандай статусту алып жүрөт. Мамлекеттик кызматкерби же жеке бизнесин кылган адамдарбы? Кийинки көйгөй – жумушсуздук маселеси. Статистика боюнча азыр өлкөдө жумушсуздардын саны 300 миңге жакындап калыптыр. Окуу жайларыбыз көп, бирок жумуш орундары аз. Ошонун баарын ойлонушуп, ылайыктуу мыйзамдарды кабыл алышыбыз керек. Бул көйгөйлөрдү эмнеге айтып жатам, анткени алар жолуккан проблемаларга мен дагы кезиккем, менин дагы башымдан өткөн. Мына ушул нерселер менин тынчымды алат. Чынында мага баары жетиштүү, үй-бүлөм, сүйктүү ата-энем, бир туугандарым жанымда. Кыргыздар айткандай, курсагым ток, кийимим бүтүн. Бирок ал мага аздык кылат. Мен өлкөнүн өнүгүүсүнө, мыйзамдардын иштешине азбы-көппү өз салымымды кошсом дейм.

Маектешкен АКЫЛАЙ ТУТКУЧЕВА

# Шайлоочунун аң-сезимине кайрылчу убак келди

Демократияда үлгү болгон Батыш мамлекеттери саясатка аттангандарга программаларынан мурун философиясы менен идеологиясын калыптап алууну сунуш кылышкан. Анткени коомдук аң-сезимге тышкы же ички коньюктурага жараша өзгөрүп кете берчү иш-чаралар эмес, партиянын жар салып жана карманып келе жаткан принциптери таасир берет

ЖАНСАКТА САРБАШОВ


Сүрөт ▸ П.Кучинский

## Саясатчы денеге же аң-сезимге кайрылат

Саясий партиянын өкүлдөрү өз электоратын ким катары көрүп баалаганы өтө маанилүү. Айбан сыяктуу жылуулук, жумшактык жана токтуктту биринчи катарга койгон адамдарбы же мамлекети менен эли үчүн жеке жоопкерчиликти өзүнө жүктөй алган инсанбы. Демек, саясатчы шайлоочунун курсагына же аң-сезимине кайрылып, алдын ала чечим чыгаруусу керек. Эгер аң-сезимине кайрылам деген чечимге келсе, анын өзөгү болгон Рухту жакшы таануусу керек. Рух деген "Ким?" же "эмне?" Ал кандай сөзгө ынанып ийге келет? Аны алдап койсо, беш жылдан кийин кайра сага ишенеби? Эмне үчүн карапайым адамдар эски саясатчыларга баш ийкесе да көзүн ала качат?

Эң биринчи жана негизги басым кылууну талап кылган нерсе – Рух бар. Анын бар экенин ар бир адам сезет. Рух өзүнүн бардыгын адам баласына компас катары берилген эки тунгуч сезими аркылуу билдирет. Алар – түбөлүктүүлүк менен уяттуулук сезимдери.

Жараткан элчилери аркылуу түшүргөн ыйык китептерде Рух адам баласынын эң абалкы жаратылган бөлүгү экени белгиленет. Ал дененин алкагына кирип, убактылуу сыноо дүйнөсүнө келгенге чейин эле Жаратканына убада берген. Ал убадада Рух эч качан Жаратуучусун унутпоого жана дайыма Анын өкүмдөрүнө ылайык өмүр сүрүүгө касам ичкен.

Мусулманмын деген адам үчүн ыйык болгон Курандын маанисинде адам баласы Жаратканга "Биз бардыгыбыз Сенден жашоо сапарына чыкканбыз жана Сага кайтуучуларданбыз" деп жалбарат. Адам баласына чеги жок өмүр берилген. Ошондуктан адамдын жашоосу дененин алкагындагы жашоо менен гана чектелбейт.

Ар бир өзгөчө кызматта иштеген жоопкер сыяктуу адам баласы Жаратканды таануу жана таанытуу формасы болгон денени руханий денесинин сыртына убактылуу мөөнөткө киет. Ал жашоосунда Жараткандын Китеби жана Ага берген убадага бекем болгон адамдар тарабынан нечен ирет эскертилет. Башка адам үчүн да эң сонун эскерткич болгон ар бир инсан каалаcа да, каалабаса да бир күнү Жаратканын көздөй кайрадан бет алат. Физикалык денеси "бронжилет" катары берилген адам аны менен метафизикалык денесин канчалык деңгээлде коруп келгени ошондо билинет.

## Рух илиминин маңызы алмаштырылган

Жер жүзү, асман-суу, бала-чака, макам-мансап сыяктуу нерселер да адам баласы үчүн Руху жана денесинен кийинки катарда турган эскертүүчүлөрү. Алар дагы өздөрү жана бере алган мүмкүнчүлүктөрү аркылуу адамга Жаратуучусун эскертүүдө. Аларды туура, Жаратканга берген убадасына ылайык пайдалануусу керек.

География, химия, физика, биология, педагогика, социология жана политология сыяктуу илимдердин катарында Рух тууралуу психология илими да өзүнө тиешелүү ордун алуусу керек эле.

Он кылымга жакын созулган лидерлигинен кийин XIII-XV кылымдарда мусулмандардын илим, билим жана технологиядагы үйкусуроосун пайдаланып, батыштык материализм XX кылымдын башында толугу менен өкүмдарлыкка ээ болду. Материализмдин лидерлиги кылымдарга созулган христиандык диний караңгылык жана фанатизм менен аттандашууну жеңип чыккан. Бул дүйнөлүк эки себептен улам бардык илимдердин чыныгы булагы жана максаты болгон Жараткандан ажыратылып, өзүнөн-өзү пайда болуу теориясына байланган.

Эң опурталдуу жана одоно кийлигишүүгө беш негизги сезимдерге туюлбаган, сырдуу дүйнөгө толугу менен байланыштуу психология (лат. – рух жөнүндө илим) илими дуушар болгон.

Эң айкын акыйкатты жаап-жашырган, "кудай жок" деген чүмбөт менен куралданган материализм адамдын каалоо сезимдери менен денесин Жаратканга байланыштырып турган Рухту да жокко чыгарган. Адам баласын адам кылып турган нерселер кишинин биологиялык өзгөчөлүктөрү жана коомдун анын физиологиясына тийгизген таасири гана деп, психология илими өзүнүн чыныгы мазмунунан ажыратылган. Аты "рух жөнүндө илим" болуп кала берген, бирок заты – адамдын денеси жана анын сырткы дүүлүктүргүчтөргө каршы берген реакциясы гана болуп калган. Теңири тарабынан жаратылышка өкүмдар катары жаратылган адам уулу активдүүлүгүнөн ажыратылып, реактивдүүлүгүн "продуктусуна" айлантылган.

Адамдын беш негизги сезимине туюлбаган, бирок бар экендигин дайыма билдирип турган, акыл-эс, сезим, каалоо ж.б.у.с. нерселердин чыныгы булактары жана адамдын ички структурасынын элементтери болгон – Рух мындай "психологиянын" эшигинен сыртка чыгарылган.

## "Коомдук жаныбар" эмес, Рух ээси

Албетте, психологиянын бардык багыттары адамды билүү жана түшүнүүгө белгилүү деңгээлдеги салымдарын кошушкан, бирок психологиядагы негиздөөчү фактор болгон Рухту жокко чыгарып же аны туура эмес жоруп, адам баласынын баалуулугун эбегейсиз төмөндөткөн.

Мындай "психологиялык" көз караштардын, алардын теориялык жана практикалык аракеттеринин натыйжасында адам баласы "коомдук жаныбар" статусуна түшүрүлгөн. Андыктан, бардыгы кыска мөөнөткө гана созулган, баалуулугу биологиялык өлчөмдөр менен гана ченелген, баркы коомдук гана статусу менен аныкталган адам баласына ушул даражада гана маани берилүүдө.

Азыркы кезде кыргыз коому жана жалпы эле адамзат күнүмдүк жашоосунда башынан өткөрүп жаткан адам баласын сыйлабоо, көөнгө албоо, басынтуу, кордоо, массалык түрдө жакырчылыкка жана ачарчылыкка калтырып салуу, топ-тайпалары менен кыруу сыяктуу жагымсыз жана жийиркеничтүү көрүнүштөр адамдын баалуулугун илимий деңгээлде төмөн түшүрүлгөндүгүнө түздөн-түз байланыштуу.

Мындан сырткары, түрдүү шарлатан жана "көзү ачык, бүбү-бакшы" дегендер так илимден алыс калган адамдарды жаңылтып жана алдап, аларды мите сымал руханий, интеллектуалдык жана материалдык жактан алсыратууда. Эң өкүнүчтүүсү, мамлекет жана коомчулук бул сыяктуу аферисттерге орто жана жогорку окуу жайларга чейин окуу куралдарын чыгарууга, коомдук каналдарда улутту жана мамлекетти жок кылуучу аракеттерине жол берүүдө.

Ошондуктан адам баласына өз арбайы өзүнө калтырылган биологиялык жана коомдук жандык катары эмес, ар бир алданылып, укугу тебеленген жан үчүн заалымдарды суракка тарта алчу Улуу Эгеси бар Рух ээси катары караш керек. Бул өзөктүк фактты түшүнмөйүнчө, "элиме пайда алып келем, адам тарбиялайм, адамдын укугун коргойм" деп өзүнө максат койгон адам өзүн да, башкаларды алдап жатат.

## Ийгилик жолундагы алтын эрежелер

- Жаман адаттардан кутулуу үчүн алгачкы кадам таштаган адам душмандарына сабак берип баштаганга барабар.
- Тамашакөй болуңуз, бирок күлкүлүү адам болуудан сактаныңыз.
- Туура жасаган иштериңиз каталарыңызды жоёт.
- Ар бир секундаңыз максаты менен бирге төрөлсүн.
- Чечкиндүүлүк максаттарыңызды алга сүрөйт.
- Коркуулар сиз корккон нерселерге күч берет.
- Ишенич - күчтүн руху.
- Адамдарга түшүнүү деңгээлине жараша мамиле кылыңыз.
- Сыр сактай билгендерден болуңуз.
- Жагдайга карап сүйлөңүз, болбосо, таптакыр унчукпоо керек.
- Бой көтөрүү ак эмгекти кирдетет.
- Балдан таттуу жиндеңүүнүн натыйжасы уудан да ачуу.
- Жакшылыктарды жоопсуз калтырбаңыз.
- Өзүнө каалаганды башкалар үчүн да каалаган адамдын айланасында гүлдүү бакчада жүргөн аарылар сыңары адамдар да көп жүрөт.
- Акчанын кулу эмес, кожоюну болуу керек.
- Жалган сүйлөгөн адамдын кебинде сөздүн баркы калбайт.
- Жеңилүүлөр алдыдагы чоң ийгиликтердин мугалими.
- Өзүнө ишенбегенге эч ким ишенбейт.
- Башкалардын бизди кыжырланткан жактары өзүбүздү түшүнүүгө жол ачат.
- Жакшы адамдын өчү - кечирим жана унутуу.
- Жасалган кичине иштер пландалган чоң иштен да жакшыраак.
- Жасакерленүү кылычтын сүрөтү сыяктуу көздүн жоосун алган менен пайдасы жок.
- Акылдуу адам акылынан убактылуу адашып калуусу мүмкүн, бирок жиндиликке чейин барбайт.
- Бир нерсени жасоо үчүн ага чечкиндүү чечим чыгарып, кадам таштоодон башка жол жок.

# К.Базарбаев: «Миң майыпты көрсөң, жашоого көз карашың өзгөрөт»



Майыптарды колдоп коргоп, коррупциялык иштерди жок кылган, колунда жок адамдарга жардам берип, жумуш орундарын түзүп, эмгекке чакырган Кыргыз Республикасынын Социалдык өнүгүү министри Кудайберген Базарбаев "Саресеп" коомдук-аналитикалык гезитине социалдык жардамга муктаж болгон жарандарыбыз жөнүндө маек куруп берди

### Жөлөкпулду убактылуу кыйын акыбалга түшкөн үй-бүлөлөр гана алышат

Бүгүнкү күндө 103 миң үй-бүлө, анын ичинен 18 жашка чейинки 306 миң балдар өкмөттөн жардам алат. Алардын 1 кишиге жыйынды кирешесинин өлчөмү кепилденген эң төмөнкү көрсөткүчтөн ашпашы керек (810 сом). Мисалы, бир үй-бүлөдө 5 киши – ата-энеси жана 3 баласы болсо, баарынын кирешеси биригип 4100 сомдон ашып кетсе, жөлөкпул берилбейт (4100/5=820>810). Буга чейин 2012-жылы кепилденген эң төмөнкү кирешенин өлчөмү 370 сом болчу. Биз бул көрсөткүчтү эки жарым жыл ичинде эки эсе көбөйттүк. Жөлөкпулдар жөнүндө мыйзамга өзгөртүүлөр киргизилип, Президентибиз А.Атамбаев кол койду. Мурун жөлөкпулдун өлчөмүн үй-бүлөнүн кирешесинин кепилденген эң төмөнкү көрсөткүчтүн айырмасын эсептеп берчүбүз. Мисалы, бир балага 100 сом, башка балага 500 сом болуп калчу. Азыр үй-бүлөнүн муктаждыгын эсептеп, ар бир балага 705 сомдон бирдей өлчөмдө алышат. Ошондой эле биздин өлкөдө мүмкүнчүлүгү чектелген 168 миң, анын ичинен 18 жашка чыга элек 27 миң майып адамдар өкмөттөн ай сайын 3000 сомдон жөлөкпул алышат.

### Жөлөкпулдан тышкары кошумча жардамдар көрсөтүлөт

Калкка биз жөлөкпул гана берип чектелип калбастан, аларга кошумча жардам дагы көрсөтүп келебиз. Мисалы, жергиликтүү бийликтер муктаж болгон үй-бүлөлөргө кышкысын 1 тоннадай көмүр, отун беришет. Андан тышкары биз тараптан 15 миңдей майып адамдарга бир жылда протездик-ортопедиялык буюмдар жасалып таратылат. Ошондой эле биздин тармакта реабилитациялык борборлор бар. Анда жылына 500 адам бекер дарыланат. Мурда майып үчүн араба 7 жылда бир жолу берилчү, азыр беш жылда алса болот. Мындай арабалар мурун бир типтүү болсо, азыр жаш балдар үчүн ыңгайлаштырылган да түрлөрү бар. Мындан тышкары биз тараптан жыл сайын майыптарга ден соолугун чыңдоого санатордук-курорттук жолдомолор берилет. Алсак, биринчи топтогуларга бекер, 2 топтогуларга 50 пайыз, үчүнчү топтогуларга 30 пайыз арзандатуу менен берилет. Ошону менен бирге бизде 16 үй-интернаттар бар. Булар улгайып, ден соолугу чектелип калган, психоневрологиялык балдар интернаттары. 7 жылдан бери бул интернаттарга үч маал тамакка деп 55 сом бөлүнчү. Биз бул өлчөмдү быйтыр эки эсеге – 110 сомго чейин көтөрдүк. Ал эми 8 жылдан бери интернаттарда жашаган улгайган адамдардын дарысына 6 сом 70 тыйын бөлүнчү, аны дагы эки эсеге – 12 сом 70 тыйынга көтөрдүк.

### Биз бюджетти карап олтура бербейбиз

Биздин министрлик бюджетти карап олтура бербейт. Былтыр Римге чейин барып, Бүткүл дүйнөлүк азыктүлүк программасы менен жаңы долбоор түздүк. Бул үч жылдык долбоордун өлчөмү – 16,9 млн. доллар. Ошол долбоор менен биз 3 жылдын ичинде 42 миң үй-бүлөгө, анын ичинде 220 миң жаранга ун жана май беребиз. Мурунку гуманитардык жардамдар сыяктуу бул гуманитардык жардам бекер берилбейт. Биз элди бекерчиликке көндүрбөш үчүн айылына, жашаган жерине арык казып, бак тигип берүү сыяктуу кандайдыр бир пайдалуу жумуш кылганы үчүн беребиз. Мисалы, жумушу жок кыз-келиндерди 2 айлык тигүү курсуна чакырып, аны бүткөндө ун, май беребиз. Социалдык жумушта коррупциялык схема болушу мүмкүн эмес. Анткени аны жергиликтүү бийлик да, Бүткүл дүйнөлүк азыктүлүк программасынын өкүлдөрү да көзөмөлдөшөт. Мен жөн эле отурбастан, Талас, Жалал-Абад жана башка облустарга ай сайын барып, ушул долбоорлордун аткарылып жаткандыгын көзөмөлдөйм. Биздин негизги демөөрчүбүз – Россия Федерациясы. Андан тышкары Кызыл Жарым Ай коому менен тыгыз иш алып барабыз. Азык-түлүк долбоорунда 16 кыз-келин тигүү окуусун бүтүрүштү. Ошол кыз-келиндердин баары менен маектештим. Тигүү окуусун үйрөнгөндүн бирөөсү мындай дейт: "Рахмат, мен тиккенди үйрөнүп алдым. Эми Бишкекке иштегени кетем. Телефон аркылуу сүйлөшүп, жумуш таап койдум". Ал эми балдары бар келиндин бирөөсү мындай дейт: "Эки балам бар, эч жакка бара албайм. Бирок мен үйдөн тигүүгө көп заказ алып койдум". Бул келиндин төшөк тигүүгө шыгы жана шарты туура келет экен.

### 500-1000 майып чогулганда адам баласынын көз карашы өзгөрүлөт

СССР доорунда майыптуулук темасы көтөрүлчү эмес. Майыптардын интернаттан же үйүнөн чыгууга шарттары жок болчу. Эч жерде пандус жок болчу. Бүгүнкү күндө жетиштүү заманга келдик. Анткени ар бир чоң дүкөндөрдө пандус орнотулган. Өкмөттүн мекемелеринин баарында пандус бар. Майыптарга көңүл жакшы эле бурулат. Бирок бул жетишсиз. Бул көйгөйгө көбүрөөк көңүл буруулусу керек. Бул нерсе жок экен, тиги нерсе жетишпейт экен деп ойлоно баштайт. Биз деле бул маселени биринчи жолу өкмөттүн отурумуна алып чыкканбыз. Отурумда ар бир министрлик өз жасаган иштерин айтышкан. Мисалы, Бишкек шаарында көзү азиз адамдарга ыңгайлуу 8 үндүү жолчырактар (сфетофорлор) орнотулган. Бирок булардын баары аз. Социалдык өнүгүү министрлиги бүгүнкү күндө эки тараптуу максатты аткарат. Биринчи тарабы, коомду гумандуулукка чакыруу. Биз баарыбыз гумандуу болуп, ар бирибиз колдон келишинче жардам беришибиз керек. Экинчиси, биздин майыптар коомго адаптация болушу керек. Ошонун негизинде Бишкек шаарында, Жалал-Абад, Ош, Баткен жерлеринде облустук чоң фестивалдарды өткөргөнбүз. Фестивалга 1000дей майыптарды чогултуп, көп нерсени билдик. Мисалы, короосунан эшикке чыкпаган майыптар бар экен. Фестивалга келген майыптар борборду көрүшүп, көп адамдар менен таанышып, баарлашып, телефон номурлары менен алмашышты. Ушул фестивалга жергиликтүү бийликтин өкүлдөрү, депутаттар катышты. Бир майыпты көрсөң бир сезим пайда болот. Эки майыпты көрсөң эки сезим пайда болот. Ал эми 500, 1000 майып чогулганда, адам баласынын көз карашы өзгөрөт. Жеке ишкерлерде майыптарга кандайдыр бир шарт түзүп берели деген көз караш пайда болуп, жардам көрсөтүшөт. Бул нерселер жакшы, бирок өтө эле аз деп ойлойбуз.




### Балдарды эл аралык асыроо

Мурун биздин министрликте балдарды эл аралык асыроого берүү кыйын абалда болуп, бул иш коррупциялык нукка түшүп калган. Мен бул жакка келгенде схеманын түп тамырын тапкан болчумун. Бала асыроо менен иштейбиз деп келген эл аралык уюмдар аккредитациядан өтүш керек. Анда ар бир өлкөдөн үч эле уюм аккредитациядан өтүүгө укугу бар деп жазылган. Мисалы, бизге Монголия, Вьетнам мамлекеттеринен келбейт. Негизги келе тургандар – бул Америка. Мисалы, Көз карандысыз мамлекеттердин шериктештигинен (КМШ) бизге 46 уюм келип, 3өө эле өтсө, калган 43ү жөн эле унчукпай калмак беле. Алар кандайдыр бир мыйзамсыз жолдорду издей баштайт. Мен Социалдык өнүгүү министрлигине келгенде канча келсе, ошончо келе берсин деп, коюлган чектөөлөрдү алып, ушул тармакта бул уюм 10 жыл иштесин деген талаптарды койгонмун. Акыры балдардын асыроого берилүүсүн сот чечет. Эми жумуш жайбаракат жүрүп атат.

### Жөлөкпул алуу укугун эми программа чечет

Учурда корпоративдик маалымат байланыш системасын бүтүрүүдөбүз. Жөлөкпулду дайындоо учурунда адамдык фактор катышпай калат. Адам баласы жөлөкпул алганга укугу барбы же жокпу деп адам чечпестен, аны программа чечип калат. Документтин баарын компьютерге киргизгенде ала турган адам жөнүндө серверге маалымат келет. Сервер аркылуу кайра бул адам жөлөкпул ала алат же ала албайт деген жооп келет. Кудайга шүгүр, биз талапты катуу коёбуз. Бул талаптардын үстүндө дайыма иштейм.

Маектешкендер
АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ,
ТАҢЧОЛПОН БАКЫТБЕК КЫЗЫ

# Жолбун иттер жоругу



Кээ бир улуттарда “Ит адамдын досу” деген макал айтылып, жаныбарлардан иттердин достугу өзгөчө бааланып келет. Бирок иттер чыныгы достугун ээсинин жанында болгон учурда гана көрсөтө алса керек. Себеби үй-жайсыз калган бул жаныбарлар, адамдарга болгон нааразычылыгын билдирүү максатында тиштерин көрсөтө баштайт

ТАҢЧОЛПОН БАКЫТБЕК КЫЗЫ



## Койду союп, итти атып түгөтө албайсың

Азыркы тапта өлкө аймагын жолбун иттер көп байырлап, элдерди каап, жарандарга коркунуч жаратып келүүдө. Чоң адамдарга, жаш балдарга билдирбестен асылган бул жаныбарлар адамдардын көчөлөрдө ээн-эркин басуусуна тоскоолдук жаратууда. Канча ирет атайын ит атарлар тарабынан атылса дагы, кайра эле көбөйгөн бул жандыктар түрдүү оорулардын ташуучулары да болушат.

Бишкек шаарындагы “Тазалык” мекемесинин өкүлдөрүнүн айтымында, иттерди атуу боюнча атайын рейддер жүргүзүлүп турат. Ага ылайык кечке маал атуу башталып, өлүк иттер табылса, алар көмүлөт. Буга кошумча рейд башталганда элдерге иттерин короодо кармоого эскертүү да берилет. Борбор калаанын төрт районунда бирден эле ит атуучу адамдар иштейт. Ошол себептүү алар жетишпей калган маалда элдер нааразычылыгын билдире башташат.

“Балам сабактан келе жаткан маалда ит билинбей эле келип тиштеп алган” деген Назира айым төмөнкүлөргө токтолуп, ит атарлар жок экендигине нааразычылыгын билдирди: “Кышында кечке маал 3-класстагы уулум мектептен келе жатса, көчөдө жөн эле кетип бара жаткан жолбун ит тиштеп алыптыр. Коркконубуздан дароо дарыгер чакыртып, бир ай дарыландык. Өзүм Ош базарында сатуучу болуп иштейм. Мындай иттер базардын таштанды жерлеринде көп эле жүрүшөт. Акыркы беш жыл ичинде бир дагы ит атар келип атканын көргөн жокмун”.

## Иттей көбөйбөш үчүн...

“Иттерди каттап, аларга паспорт алып берүү керек” деген мыйзам чыкканда адамдар күлкүгө алдырып, көп этибар беришкен эмес. Чет элде бул мыйзам катуу иштесе, бакчанын боюнда жаткан итке дагы паспорт жасатмак белем деген кыргыз коому убагы келгенде итин эмдөөдөн өткөрө албай калышат.

Ал эми КР Айыл чарба жана мелиорация министрлиги өлкөдөгү 500 000 итке каттоо китепчелерин чыгарып, алар сөзсүз түрдө катталуусу керек деп маалымдаган. Бирок айтылуу көрсөткүчтөгү китепчелер үй иттерине гана тиешелүү болгондуктан, жолбун иттер коркунучтуу оорулардын вирустарын алып жүрүп, жарандарга өтө эле коопту болуп эсептелинет. Ошондой эле жандыктарды эмдөө үчүн 100 миңден ашуун дарылар айылдарга жыл сайын бекер таратылып турат.

Борбор калаанын көчөлөрүндө азыркы тапта расмий эмес булактарга ылайык 130 миңден ашык кароосуз иттер бар болсо, республика боюнча 700 000 миңден ашат. Жаныбарларды коргоочу мамлекеттик эмес фонддор жолбун иттердин санын азайтуу үчүн алардын күчүктөрүн багып алууга беришет. “Жашоого укуктуу” деген жаныбарларды коргоо фондунун өкүлдөрүнүн айтымында, жылына көчө иттеринен 300 миңге жакын күчүктөр туулат. Буга ылайык жолбун иттер ыкчамдуу түрдө көбөйүшөт. Көйгөйдү чечүү үчүн жаныбарларды атып өлтүрбөстөн, стерилизациялоо жасап койсо жетиштүү болот.

“Жолбун иттерди атып, алардан самын жасайт экен” деген имиштер калк арасында кеңири таралып кеткен. Бул маселенин чын-төгүнүн билүү үчүн Сокулук районундагы кир самын жасаган жеке ишканага кайрылганыбызда төмөнкүчө жооп алдык: “Илгери иттин майынан самын жасалганы чын болчу, бирок азыр эч ким бул ыкманы колдонбой калган. Себеби бир иттен болгону 100 граммдай эле май ала аласың. Бул эмнеге жетмек эле. Азыр бардык самындар химикаттардан жасалып калган”.

## Эгер ит тиштеп алса

Ветеринарлардын айтымында, жолбун иттер тиштегенде аларда болгон вирустар 90 күндөн бир жылга чейин адамдын организминде жүрө бериши мүмкүн. Ошол себептүү көчөдөн ит тиштесе, жаракат алган жерди тез арада самындап жууп, андан соң йод же таза спирт менен сүртүп, дароо дарыгерге кайрылуу зарыл. Эгер кайдыгер карап койсо, соңунда өлүмгө алып келет.

Кыргызстан боюнча жолбун иттердин курмандыктары болгон окуялар абдан арбын. Дарыгерлердин айтымында, бир жыл ичинде эле ит тиштөө фактысы боюнча 700дөн ашык учурлар катталып турат. Жыл сайын бул көрсөткүч өсүп жатканы да кейиштүү фактылардын бири. Көбүнчө жаш балдар, мектеп окуучулары жолбун иттерге курмандык болушат. Алсак, 2010-жылдын декабрь айында жолбун ит тиштеп алып, кутурманын айынан Жалал-Абад облусунун Ала-Бука районунун 12 жаштагы тургуну каза болгон.

**Атайын адистердин айтымында, эгер жолуңуздан жолбун ит чыгып калса, анда өзүңүздү сактоо үчүн төмөнкү эрежелерди кармануу керек:**

**Эмнени кылбоо керек:**

- Корккоңуңузду билдирбөө керек;
- Качпоо керек;
- Иттин көзүнө тике карабоо зарыл.


**Сактануу үчүн төмөнкүлөрдү аткаруу:**

- Болушунча катуу бакыруу;
- Колдун алаканын алдыга кылып, “фу” командасын айтуу;
- Таш же башка курал алып, аны согууга даяр экениңизди көрсөтүү;
- Катып калуу.

Ит атарлардын саны көбөйүп, жолбун иттер менен активдүү түрдө күрөшүп баштагыча коомчулук өздөрү коргонуп турууга мажбур. Бирок жолдо калган иттер бир убакта бирөөнүн үйүн кайтарып кызмат өтөп жүргөнүн эске алып, иттер карып калса же болбосо кандайдыр бир себептен аларды жолго таштап коюуну адамдар өздөрү токтотсо, бул көйгөй жаралбайт эле.

## Жолбун иттерге башка мамлекеттердеги мамиле

- Америкада жолбун иттер кармалып, атайын жаныбарлар мекемесине алып барылат. Ал жерден стерилизация жасалып, магазиндерге сатууга берилет.
- Германия дагы Америка сыяктуу иттерди кармагандан кийин толук тазалоо жүргүзүп, адамдарга жаныбарларга аяр мамиле жасоо керек деген түшүндүрүү иштери айтылып, багууга берилет.
- Азербайжан мамлекети жолбун иттер өлкөбүздүн кара тагы деп, аларды атып, өрттөшөт.
- Кытай мамлекети эгер жарандар ит багып алгылары келсе, аларды сөзсүз түрдө стерилизациялап, бирден ашык ит багууга тыюу салган.
- Таиланд мамлекети иттер менен күрөшүүнү алдын алып, мамлекеттеги ар бир иттин кулагына чип киргизип чыккан. Эгер ээси итин таштап койсо, ким таштаганы тез эле билинип, ал айып пул төлөйт.





Унаага тепселип жеңил жаракат менен кутулган жолбун ит



Күчүктөрүн асыраган эки буту жок жолбун ит

Долларды чегинтсе болобу – 2




# Кайран доллар, баары бир башкача

Макалабыздын биринчи бөлүмүндө 1944-жылдын июлунда Американын Бреттон-Вудс шаарында антигитлердик коалицияга кирген 44 мамлекеттен келген 730 делегаттын макулдугу менен доллар дүйнөлүк валютага айлануу жолунда биринчи кадам шилтегени тууралуу баяндаганбыз. СССРди ал кезде жетектеген Иосиф Сталин АКШ менен союздаш болгонунан улам доллардын салтанатына каршы эч нерсе кыла алган эмес

МУРАТ КОЙЛУБАЕВ

## Доллар – акча, башка валюталар - товар

Бирок бир жыл өтпөй СССР менен АКШнын союздаштык доору кылыч менен кескендей үзүлүп калган. Америка кошмо штаттарынын жаңы президенти Гарри Трумэн СССРге “ленд–лиз” аттуу курал–жарак, окдары жана азык–түлүктөр менен көмөктөшүү программасы улантпашын деп жар салды. Акка моюн сунган мурунку президенти Делано Рузвельттин убада кылган алты миллиард доллар кредити тууралуу сөз да болушу мүмкүн эмес эле. Бул себептен 1945–жылдын декабрь айында СССР долларды дүйнөнүн башкы валютасына айлантуучу Бреттон–Вудс конференциясынын документтерин ратификация (бекитип, өз тарабы үчүн күчүнө кирүүсүнө макулдук берүү) кылуудан баш тарткан.

Бреттон–Вудстук система боюнча конференцияга катышкан бардык мамлекеттердин валюталары долларга, доллар болсо, алтынга байланмак. Мунун натыйжасында “алтындын тройдук унциясы (31,1034768 гр) 35 долларга барабар” деген туруктуу баа бекитилген. Ошентип, доллар дүйнөлүк валютага айланган. Ушул таптан баштап башка мамлекеттердин валюталары доллар менен баасы бычылган товарга айланган. Бул валюталардын курстарына долларга карата өйдө–төмөн (девальвация/ревальвация) болуу мүмкүндүгү каралган.

Бреттон–Вудс конференциясынын чечимдери ыкчам ишке ашырыла баштаган. 1945–жылдын соңуна карай анын документтерин 29 мамлекет ратификациялаган. 1947–жылдын 1–мартынан тарта АКШнын күчтүү таасири алдында болгон Дүйнөлүк валюта фонду (ДВФ) каржы операцияларын баштаган. Кийин Дүйнөлүк банк (ДБ) болуп өзгөртүлгөн Кайра куруу жана өнүгүү дүйнөлүк банкы (ККӨДБ) 1946–жылдан баштап ишке кирген.

## Доллардын биринчи сынагы

Чынын айтканда, Бреттон–Вудста курулган каржы системасы 20 жылдай дүйнөлүк экономиканын тез өсүүсүн камсыздап, олуттуу каржы кризистерине тоскоол болуп келген.

Бирок Бреттон–Вудсту башынан сындап келгендер дароо алсыз тарабын аныктап коюшкан. Бул система АКШнын алтын кору “чет өлкөлүк” долларларды алтынга конвертация (өзгөртүү; бир нерсени башка бир нерсеге айлантуу) кылып тура алган кезге чейин гана жигердүү иштей алмак. Экинчи дүйнөлүк согуштан кийинки глобалдуу экономиканын өсүүсү жана валюталарды айлантуу операцияларынын тездешинен улам АКШнын алтын кору күн тийген кар сымал эрий баштаган. Кээде күнүнө 3 тоннага кемиген учурлар да болгон. АКШ алтындын өлкөсүнөн чыгып кетүүсүнө колунан келишинче аракет кылса да, бул азаюуну токтото алган эмес. Долларды алтынга алмаштыруу мүмкүн болушунча кыскартылган. Аны жогорку расмий деңгээлде бир гана жерде – АКШнын казыналыгында эле айырбаштоо мүмкүн болуп калган. 1949–жыл менен 1970–жылдын аралыгында өлкөнүн алтын кору жайгашкан Форт–Нокста бул металл эки эседен көп, б.а., 21,8 миңден 9,8 тоннага чейин азайып кеткен.

Көп мамлекеттердин “доллардан качуу” саясатынын башында доллардын өзгөчө артыкчылыгына катуу каршы турган Франциянын президенти Шарль де Голль акыркы чекитти койгон. Ал АКШга расмий зыярат кылган учурда сындап карап тура берүүдөн ишке өтүп, алтынга алмаштыруу үчүн 750 миллион долларды ала келген. Бардык формалдуу талаптар толугу менен аткарылгандыктан, америкалык бийлик бул долларларды туруктуу курс менен алтынга айырбаштоого мажбур болушкан. Франциядан кийин ФРГ, Канада жана Жапония дагы көп миллиондогон долларды алмаштырып берүүнү талап кылышкан. Мындай эбегейсиз каржы опузасынан улам Америка аргасыздан долларды алтын менен камсыздоо боюнча эл аралык бардык милдеттенмелеринен бир тараптуу баш тартууга мажбур болгон.

## Доллар товар денгээлине түшкөндө

1970–жылдардын башында дүйнөлүк алтын корунун оордугу биротоло Европа мамлекеттери тарабына ооп калган. Дүйнөлүк каржыда болсо, накталай жана накталай эмес (безналичный) АКШ долларынын катышуусу көбөйгөндөн көбөйүп кете берген. Мындан улам эл аралык каржынын ликвиддүүлүгүнүн (товардын акчага өз баасында же ага жакын баада өтүүсү) көйгөйлөрү пайда болгон. Себеби дүйнөлүк сооданын өсүүсүнө салыштырмалуу алтынды жерден казып алуу бир топ эсе аз болгон. Долларга негизги валюта катары болгон ишеним АКШнын эбегейсиз өлчөмдөгү төлөп берүү балансынын дефицитинен улам да төмөндөй берген. Улуттук валюталары бара–бара резервдик валюта катары колдонула баштаган Батыш Европа жана Жапония сыяктуу каржы борборлору да пайда болгон. Бул олуттуу өзгөрүүлөр АКШнын каржы дүйнөсүндөгү абсолюттук артыкчылыгын жокко чыгарган.

1970–жылдын башында эле АКШнын Федералдык резерв системасы (ФРС) доллардын алтын менен камсыздалуусун төмөндөтө баштаган, б.а., аны девальвация кыла баштаган. 1971–жылдын августунда президент Ричард Никсондун администрациясы долларды алтынга айырбаштоодон (конвертация) расмий баш тарткан. Ошентип, доллардын алтынга карата туруктуу алмаштыруу курсу тарых барактарында гана калган. Анын ордуна бардык валюталарга эркин баа бычылган “Ямайка системасы” деген жобо ишке кирген.

## Доллар өжөрлүгүнөн кайткан жок

Бул мүчүлүштүктөргө карабастан, Бреттон–Вудс системасынын калган негизги багыттары азыркыга чейин иштеп келүүдө. Тактап кетсек, ДВФ менен Дүйнөлүк банк бүгүн деле дүйнөнүн эң ири насыя берүүчү мекемелери болуп эсептелет. Албетте, 2008–жылкы глобалдуу каржы кризисинен кийин буга чейин эле сындалып келген бул уюмдарга болгон сын арткандан артып бара жатат. Мисалы, бүгүнкү дүйнөлүк экономикада өнүгүп келе жаткан өлкөлөр өзгөчө салмакка ээ болуп баштаганы менен ДВФда дагы эле “ири жетиликке” кирген өлкөлөр үстөмдүк кылганы сынга кабылган. Азуу тиштери жаңы чыгып келе жаткан бул өлкөлөр ДВФда өздөрүнө көбүрөөк квота жана добуш талап кылышууда. ДВФнын насыялары кыйынчылыкка кептелген өлкөлөрдүн чыгымдарын өтө эле кыскартууну талап кылуу сыяктуу оор шарттар менен берилгенине да көп өлкөлөр наразы. Мындай шарттар алардын ансыз деле үлбүлдөп турган экономикалык өсүүсүн басаңдатууда деген кине коюлууда. Бирок саясий жана экономикалык соккуларга карабастан, америкалык доллар дагы эле дүйнөнүн негизги валютасы катары өз ордун сактап келүүдө. Учурда ал формалдуу жактан караганда башка мамлекеттердин валюталарынан эч кандай артыкчылыгы жок болсо да, дүйнөлүк соода–сатыкта мурункусундай эле эң өтүмдүү жана күчтүү каржы каражаты бойдон калууда.

# Бал челегиңде бал эле барбы?




Күздүн берекеси жаап турган кезде эң таттуу нерсе - бул бал. Балдын таттуу азык экенинен сырткары дарылык касиети, пайдалары бар. Кайсыл ооруга кандай балды колдонуу, бал тандоодо эмнеге өзгөчө көңүл буруу керек деген суроолорго "Сарасеп" гезити жооп издеп көрдү

## Бал

Бал - аарылар тарабынан тамак өндүрүмүнө айланган гүл нектары. Бал-азыктык, биологиялык жана дарылык жактан баалуу тамак өндүрүмү. Анын негизги составдык бөлүгү (69%) — инверсияланган канттан (глюкоза менен фруктозанын аралашмасы) тургандыктан, ал оңой сиңет. Азыктык жана биологиялык жакшы касиеттерине карабастан, аны ашыкча колдонууга болбойт. Балдын негизги составдык компоненттин органикалык кислоталар (сүт, алма, лимон, козу кулак кислоталары), ферменттер (диастаза, каталаза, инвертаза, липаза, фосфатаза) жана витаминдер комплекси түзөт.

## Бал медицинада



Бал элдик медицинада кээ бир учурда эч негизсиз эле кеңири колдонулат. Бирок карындын жана он эки эли ичегинин кээ бир жара ооруларында, жүрөк-кан тамыр системасынын ооруларында дарылоодо оң таасирлери байкалган. Аарынын тиричилик аракетинин өндүрүмдөрүнө гүл чаңчасы, апилак жана прополис кирет. Гүл чаңчасындагы ар кандай биологиялык активдүү заттар бир катар ооруларды дарылоодо колдонулат. Апилак (жумушчу аары безинин секрети) тонус көтөрүүчү жана антисептик таасирге ээ, артериялык басымга таасир этет. Таблетка түрүндө чыгарылат. Прополис же аары желими микробго каршы таасири бар. Тери ооруларын, күйүктү, тамак сиңирүү органдарынын ооруларын, гинекологиялык ооруларды дарылоодо пайдаланылат. Гүл чаңчасын, апилакты жана прополисти врачтын кеңеши менен гана пайдалануу керек.

## Балдын курамы




Балдын курамында 13-22%ы суу, 75-80%ы углеводдор (глюкоза, фруктоза, сахароза), В1, В2, В6, Е, К, С витаминдери бар. Балдар ботаникалык, географиялык жактан өңү, даамы жана жыты менен айырмаланышат.

Балдын өңү, даамы жана жыты бал аарыларынын азыктанган өсүмдүгүнө жараша болот. Жалаң бир түрдүү өсүмдүктөрдүн ширесин чогулткан бал аарыларынын балынын жытынан анын кайсы өсүмдүктүн ширесинен жыйналганын билүүгө болот. Адатта бийик тоолуу же тоо этектеринде кармалган бал аарыларынан кубаттуулугу күчтүү балды алууга болот. Жалаң өсүмдүк ширесинен алынган таза балдын жыты аңкып турат жана даамы жагымдуу болот. Балдын түсү жыл мезгилинин өзгөрүүсү менен да өзгөрүп турат.

## Балдын дарылык касиети

Балды ар дайым чени менен колдонуп жүрүү оорулуу адамга да, дени соо адамга да пайдалуу. Жүрөк, ашказан-ичеги, аз кандуулук, бөйрөк, боор, тери жана эндокриндик ооруларды алдын алууда балдын пайдасы абдан чоң. Ошондой эле дем алуу органдарынын, б.а., ринит, фарингит, синусит, ларингит, бронхит жана бронхиалдык астма ооруларында да бал пайдалуу. Балды колдонуу 1-2 айга созулат, күнүнө 100-150 гр, ар 3 саатта 1 чай кашыктан ооздо бир аз кармоо менен ичип туруу керек. Балга аллергиялык диатези барлар, жүрөк клапандары жабыркагандар, дем алуу органдарынан кан кеткендер балды ичүүгө болбойт.

## Кайсы ооруга кандай бал жакшы

Бал организмди чыңдай турган касиети менен айырмаланат. Бөйрөк ооруганда жазындагы айылдардын талааларындагы чөптөрдүн балын колдонсо болот. Мындай бал тамак сиңирүү системасынын ар кандай ооруларын да айыктырат.



Нерв жана жүрөк ооруларына жайында жасалган бал жакшы. Суук тийип жана вирус оорулары менен ооруганда сары түстөгү балды колдонгон жакшы.

Кара күрүчтөн жасалган күрөң түскө ээ болгон бал темирге, белокко жана кычкылтекке бай. Бул бал каны аздарга пайдалуу. Акациядан жасалган бал эркектерге пайдалуу. Ал потенцияны көтөрөт жана бөйрөк, табарсык ооруларына жардам берет. Малина балы жагымдуу түсү жана назик жыты менен айырмаланат. Аны февраль-март айларында суук күчөп ооруй баштаганда колдонгон таасирлүү. Ар түрдүү гүлдөрдүн түрүнөн жасалган бал операциядан кийинки адатка айланып калган ооруларга пайдалуу. Эң пайдалуу бал четин (дарагы жана мөмөсү) балы болуп эсептелет. Ал бардык витаминдерге бай. Бул бал сулуу кызыл өңгө жана жагымдуу жытка ээ.

## Бул нерселерди билип алыңыз

Чыныгы бышык бал бат эле канттай болуп калат. Кээде бышык балга крахмал кошуп коюшат. Мындай учурда анын жасалма экенин бат эле текшерип койсо болот. Бир тамчы йод тамызганда ал көк түс тартса, анда ал жасалма. Ал эми кышта суюк бал көрсөңүз ал жылытылган бал. Эгер бал жылуу сууда толугу менен эрип кетсе, анда ал сапаттуу. Эгер бор кошулган болсо, бир аз уксус кошуп көрөсүз, ал дароо эле кайнап чыгат.


Балдын көлөмүн жана салмагын көбөйтүш үчүн табигый балга кошулма кошушат. Нектар азыктары жок жасалган бал жасалма бал. Таза балды тандоонун бир нече жолдору бар. Химикалык калем сап менен текшерүү. Кичине өлчөмдөгү балды колунузга сүйкөп, үстүнөн калем сап менен сүртүп өтүңүз. Эгерде изи калса, анда ал сапаттуу эмес. Мындай ыкма менен 100% аныктоого болбосо дагы балдын канчалык деңгээлде жасалма экендигин билип алса болот. Соргуч кагазы алып, ага балды аз өлчөмдө сүйкөп, 1-5 мүнөт күтүп туруңуз. Эгер ушул убакытта кагаздын аркы бети суу болуп калбаса, анда сапаттуу деп айтууга болот. Балдын өңүнө да көңүл буруңуз. Ак түстөгү балдын курамына кум шекер кошулган деп эсептөөгө болот. Кандай куюлганына да караңыз. Эгерде кашыкка оролгону жакшы болсо, өз нормасындагы бал. Даамдап көрүңүз, эгерде балга суу кошулган болсо, карамелдин даамына окшош болот да, кыжылдай баштайт. Балдын үстүңкү катмарына көбүкчөлөр чыгып, спирт сыяктуу ачуу даамга ээ болсо, анда ал сапаттуу бал эмес.

## Балды кантип сакташ керек

Балды айнек, фарфор, керамикалык жана жыгач идиштерине сактоо керек. Металл идишке салып коюуга болбойт. Анткени анын курамындагы кислоталар ачуу болуп, балдын курамындагы металлдын санын көбөйтөт да, пайдалуу заттарды азайтат. Мындай бал ашказанга терс таасирин тийгизет.

## Кошумча маалыматтар

Кээ бир химиялык элементтер кошулган дарыларга караганда табигый, таза бал адамдын ден соолугуна алда канча пайдалуу. Врачтар изилдөө жүргүзүп, балдарга жатар алдында бир кашыктан бал беришкен. Дарыларга караганда бал жеп жаткан балдар аз жөтөлүп, уйкусу тынч болгон. Бала болобу, чоң киши болобу бир аз балга кичине каймак май кошуп тилде кармаса, жөтөл басылат. Балдардын бронх жана жөтөл ооруларында кара түрптүн ортосун оюп, ага бал кошот. Эки сааттай тургандан кийин бул аралашманы күнүнө тамактануу алдында 2-3 жолу чай кашыктап ичирет. Жатаардын алдында ичүү да пайдалуу.


«Жумушчу» аары

Парадонтозду дарылоодо туз кошулган бал жакшы жардам берет. Бул аралашма менен тиштин этин кечинде жана эртең менен дайыма жууп туруу керек.

## Аарынын баары бал бербейт


Эркек аары

Аарынын үч түрү бар. Кадимки биз көрүп жүргөн сары аары бул "жумушчу" аары деп аталат. Таттууга, жер-жемишке тез эле чогулуп калган бул аарылар өтө эмгекчил аарылар. Бирок бул аарылар балды өздөрүнүн жолу менен жыйнашат. Жалпак тил менен айтканда, жапайы адис. Үйдүн боорлоруна уя салып, бал бөлөйт. Мындай бал суюк бал деп аталат. Алар балды өздөрү бөлүп, өздөрү жешет. Себеби бул аарылар өтө уулуу, уясына жакындап барып, балын алгандар чанда кездешет. Балы суюк болгондуктан, мындай аарыларды адамдар көп өстүрүшпөйт.

Эркек аары деген бар. Бул чыныгы бал берүүчү аары. Бул аары "жумушчу" аарыдан кичине чоң жана куйрук жагы жумур болот. Анын бези жана чагуучу ийнеси болбойт. Эң пайдалуу, даамдуу балды бере тургандар ушул аарылар. Бул аарылардын балынын жыты аңкып турат. Аарылар топ-топ болуп өмүр сүрөт. Ар кимисинин өзүнүн милдети бар. Бардык аарылар бал бербейт. Бал бергендери бөлөк, тукум бастыргандары бөлөк. Уя тазартуучулары бөлөк болот. Изилдөөчүлөрдүн айтымында, аарылардын жашоосу туура жашаган адам коомунун түзүлүшүнө өтө окшош болот экен.

Даярдаган ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ


Эне аары

«Биз ар түрдүүбүз – биз бир болобуз»

# Биз "Бир Болго" добуш беребиз!

"Бир Бол" партиясы эл ишенимине ээ. Буга партия лидерлеринин республиканы кыдырып, кыргызстандыктар менен жолугушууларында көпчүлүк тарабынан жылуу кабыл алынып жатышы күбө болот. "Эл тараза – эл сынчы" демекчи, калкыбыз Кыргызстанды ар тараптуу өнүктүрүүнүн багыттары ташка тамга баскандай таамай көрсөтүлгөн "Илбирс секириги" программасын кеңири талкуулап, 70 миңден ашуун жумуш орундарын түзүүнү, пенсия менен реалдуу кирешенин көлөмүн эки эсеге көбөйтүүнү көздөгөн партия лидерлеринин демилгелерин кубатташууда

БИР БОЛ №12

Токтомуш Осмонов:


### "Бир Бол" биримдик идеясын көтөрүп чыкты"



"Бир Бол" партиясы мекенчилдик идеясы үчүн колдоого татыктуу. Кыргыз элинде калыптанып, бирок, бара-бара олку-солку болуп келаткан биримдик, мекенчилдик сапаттарды сактап калуу үчүн мамлекеттик деңгээлде саясат жүргүзүлүшү зарыл. Ал эми "Бир Бол" дал ушул идеологияны көтөрүп чыкты, партиянын талапкерлери сз менен айтып эле тим болуп калбастан, жүзөгө ашырышына да ишенем. Кыргызстан көп кечикпестен, экономикада илбирс сымал бийикти көздөй секирик жасабаса, азыркы ааламдашуу мезгилинде дүйнөлүк агымдан четке сүрүлүп калышы ыктымал. Партияда Акылбек Жапаров, Мыктыбек Абдылдаев, Исхак Пирматов, Аскарбек Шадиев, Чолпон Жакупова сыяктуу иши менен таанылган инсандар болгондуктан, мен ушул партияга добуш берем.

Камелия Султанбекова:

### «Кыргызстанды мамлекет катары сактап калуу башкы орунда"



Мен башка партиялардын ичинен "Бир Бол" партиясын колдоого алаар элем. Себеби, аталган партия өз программасын, бардык көйгөйлөрдү камтып, жакшы иштеп чыккан. Мисалы, Кыргызстанды бир бүтүн эл, бүтүн мамлекет катары сактап калуу актуалдуу маселе экенин баса белгилеген. Өлкөбүздө көп түрдүү улуттар болгондуктан маданияттын, диндердин ар түрдүүлүгүнө карабай элди жарандык жана улуттар аралык түшүнүшүүлөрдү чыңдоого чакырат. Албетте, булардын идеясын колдоого алсак болот. Талапкерлердин арасынан, бөтөнчө Чолпон Жакупованы баса белгилеп кетким келет. Ал "Адилет" укуктук клиникасы аркылуу 60 миңден ашуун адамдарга жардам көрсөтүп, укуктарын коргоп келе жаткан айым.

Мийзам Асанов:

### "Коррупцияга каршы турушат"



"Бир Бол" партиясы түзүлгөнүнө аз убакыт болсо да программаларын иштеп чыгып жарыялашты. Партияны башка партияларга окшоп бир киши лидерлик кылбай саясий кеңеш башкаргандыгы жакты. Бүгүнкү күндө көкөйдү кескен коррупция маселеси болуп турат. "Бир Бол" партиясынын талапкерлери Мыктыбек Абдылдаев, Акылбек Жапаров, Марат Султанов, Чолпон Жакупова, Жаныбек Бакчиев сыяктуу өз ишинин профессионалдары коррупцияга каршы турууга жоопкерчилик мамлекетте гана эмес, коомдо, ар бир жаранда болууга тийиш деп эсептешет.

Ошондой эле, партиянын программасында коомдун коопсуздугун, укук тартибин камсыз кылган принципиалдык түрдө жаңы натыйжалуу мамлекеттик система зарылдыгы айтылган. Укук коргоо системасында реформа жүргүзүлүп, ал коомдун муктаждыгына бурулуп, мамлекеттин милиция кызматын ишке ашыруудагы терс натыйжаларды жоготуу максатын көздөйт. Мен дал ушундай позициясы үчүн колдойм.

"Бир Бол" саясий партиясынын каржы иштери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү Ашыралиева Чолпон Майрамбековнанын тескөөсү менен басылды. "Бир Бол" саясий партиясынын шайлоо фондунан төлөндү.

# А.Сариев: "Одоно мыйзам бузуулар БШК тараптан да, партиялар жактан да бар"

Коомдук ишмер, КРнын Шайлоолорду жана референдумдарды өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын экс-төрагасы Акылбек Сариев азыркы шайлоо марафону тууралуу гезитибизге ой-жорум берди



Шайлоонун түпкү максаты – парламентти түзүү, депутаттарды шайлоо. Мыйзамга өзгөртүү киргизип жатканда "шайлоочу эки же төрт добуш берип койду" деп, күнөөнүн баарын шайлоочуларга артпай, талапты шайлана турган талапкерлерге койсо болмок. Кандай талапкер болушу керек? Билими кандай болушу керек? Жүрүм-туруму кандай болушу керек? Мыйзам чыгаруу жагына жөндөмү барбы же жокпу деген талаптарды коюп, ошол жагын катуулатса туура болмок. Эми шайлоо учурунда баары бир мыйзам бузуулар болбой койбойт. Биометрика менен өткөргөн күнү да таптакыр болбойт деп айтыштан алыспыз.

Ар бир шайлоого жаңылыктар киргизилип келген. Ал өзгөчө шайлоолор өткөндөн кийин кетирилген кемчиликтерди жоюу багытында мыйзамдарга өзгөртүү киргизилет, жаңы ыкмалар колдонулат дегендей, бул дайыма болуп келген. Ошол сыяктуу эле быйыл биометрикалык маалыматтын негизинде добуш берүү жана добуштарды автоматташтырылган эсептөө киргизилип жатат. 2010-жылы билесиздер, баягы бармакты көрүнө боёп көргөнбүз, тилекке каршы, ал да жакпай калды окшойт. Эми биометрикага кайрылдык, жыйынтыгы кандай болгону шайлоо өткөндөн кийин айтылат болуш керек.

Үгүт иштеринин баары мыйзам чыгаруу органына шайлоо болбой эле бизнес-долбоорго окшоп кетип жатат. Талапкерлер «Асмандан айды алып берем» деген убада берүүнү дагы эле таштабай, байма-бай айтып жатышат. Бирок убада берерден мурда Жогорку Кеңештин ыйгарым укуктарын биринчи окуп көрсө болмок экен. Жогорку Кеңештин ыйгарым укуктары чектелүү. Ошонун тегерегинде гана иш алып бара алардын шайлоочулар да түшүнсө болмок. Изилдеп тактай келсек, анын ичинде да тыюу салынган нерселер бар. Ага азыр эч ким көңүл бурбай жатат. Ошондуктан "Келечекте жасап берем, тигини аткарам" деген убадаларга мыйзамды жакшы окуп чыгышса, мыйзамдык тыюу бар. Ошондуктан үгүт иштерин этият жүргүзүү керек.

Борбордук шайлоо комиссиясы бир топ партияларга эскертүү бериптир. Мисалы, «Азаттык» партиясына жаш баланын сүрөтүн баннерде колдонгону үчүн эскертүү бериптир. Ачык айтайын, бул күлкү келтире турган нерсе. Мыйзамда "жашы жетпеген өспүрүмдөрдү шайлоо өнөктүгүнө колдонууга болбойт" деген жобо бар. Анда тирүү баланы колдонуу дегенге тыюу салынат. Бул мындай партияга кысым көрсөткөн болуп калып жатат.

Саясий партиялар "Депутаттардын артыкчылыктарын, Башкы прокуратураны жоёбуз" деген убадаларды берип жатышат. Аны референдум аркылуу Конституцияга өзгөртүү киргизип, анан ишке ашыра алат. Ага чейин аны эч ким жасай албайт. Себеби бул Конституцияда бекитилген органдар. Аны депутат мыйзам менен жоё албайт.

Экономиканы көтөрөбүз дешет. Жогорку Кеңештин ыйгарым укуктары чектелген. Жогорку Кеңешке депутат болуп келгенден кийин ишкерликке тыюу салынат. Ошондуктан кандай мыйзамдарды кандай жол менен кабыл алып, кантип өнүктүрсөк деген жарнактарды жиберсе туура болмок, менин оюмча.

Бүгүн шайлоо акча маселесине тыгыз байланышып калган. Биз андан алыс кете албайбыз. 1990-жылдардан бери шайлоонун жыйынтыгы акча маселесинен көз каранды болуп келген. Бул азыр да ошондой бойдон кала берди. Шайлоо фондунун чегинин көбөйгөнү туура эле болду. Шайлоодо болгон каражатын жумшаганга аракет кылышат. Каражатты канчалык көп жумшаса, көбүрөөк добуш аларыбызга ишенип калганбыз. Ошондуктан расмий түрдө каражат жумшаганы жакшы нерсе. Ошону үчүн мындан кооптонбош керек. Бирок фондго салынган акча ошол адамдардын өзүнө таандык акчабы, ошол күмөн бойдон калууда.

# 23-сентябрь - Эне тил күнү

Кыргызстан көз карандысыздыгын алгандан бери тил маселеси бүгүнкү күнгө чейин негизги маселелерден болуп келе жатат. Биздин өлкөбүздөгү тил саясатынын тамыры өтө тереңге кетет. Тил саясаты боюнча коомдук талкуулардын биринчи этабы 1991-1995-жылдары эле башталган. Анда бул саясаттын негизги максаты көп улуттуу Кыргызстандын этникалык өз алдынчалыгын өнүктүрүү жана Кыргызстандын улуттук-маданий көп түрдүүлүгүн сактап калуу болгон

## Орус тили дагы эле кедергисин тийгизүүдө

ТАЛГАТ ДЕРКЕМБАЕВ

Кыргыз жана орус тилдеринин макамы тууралуу коомдук талкуулардын процессинде улуттук кызыкчылыктардан улам түшүнбөстүктөр да келип чыккан. Кыргыз тилинин укуктук макамы боюнча маселе өзгөчө актуалдуу болгон. Кыргыз тилинин, тарыхынын, маданиятынын, улуттун өз алдынчалуулугун кайра жаратуу тууралуу маселе өзгөчө маанилүү болуп саналган. Тил бир эле учурда коммуникативдик каражат катары адамдын оюн берсе, ошол эле учурда тилди улуттук маданияттын компоненти, улуттун өкүлдөрүн мобилизациялаган, интеграциялаган жана улутту эл аралык мамилелерде дифференциялаган улуттук өз алдынчалуулуктун элементи катары карасак болот.

Мамлекеттик тил мыйзамы 1989-жылы кабыл алынып, 2004-жылы кайра оңдолуп чыккан. Бирок андагы талаптар мыйзамдагы кемчиликтерден улам аткарылбай келген. Мамлекеттик же расмий тилде болушу керек деген баш айлантуу мамлекеттик тилдин өнүгүшүнө жана анын кеңири колдонуусуна кедергисин тийгизген. Мамлекеттик тилдин макамын кеңейтүү боюнча мыйзам долбоорлорунун сунуштары пайда болгондо орус тилдүү "Дело №", "МК Азия" жана башка басылмалар менен сайттар муну орус тилдүү жарандарга каршы багытталган демилге катары түшүнүшүп, аябай курч мүнөздө сындаганга өтүшкөн.

### Учурда Кыргызстан постсоветтик чөлкөмдөгү орус тилине расмий макам ыйгарган жалгыз мамлекет

Кыргызстан көп улуттуу унитардык мамлекет болгондуктан, Кыргызстандын башка улуттагы жарандары менен пикир алышууда орус тили коммуникативдик кызмат аткарган. Бирок мамлекетибиз эгемендүүлүгүн алгандан бери чейрек кылымга жакындап калганы менен Өкмөт тарабынан да, башка улуттар тарабынан да мамлекеттик тилге кайдыгер мамиле жасалып келгендиги өкүндүрбөй койбойт. Мамлекеттик тил жөнүндө маселе көтөрүлсө, айрымдары улутчулдук, бөлүнүүчүлүк сыяктуу идеяларды козгоп келишет. СССР кулаганы көп улуттуу Кыргызстандын жарандары эриш-аркак оокат кылып, бул бактылуу күндөргө жеттик. Кудайга шүгүр, заманыбыз тынч, курсагыбыз ток. Биз кичинекей бала кезибизде райборбордон айылга барып калганыбызда тууганадарыбыз бизди орусча сүйлөтүп маашырланышчу эле. "Ой-ий, тим эле орустун түшүн жоруп калган турбайбы" деп сыймыктанышып, балдарына "Сен "дай хлебди" эле үйрөнүп алсаң боло" деп тийишип калышар эле. Айрым бир учурларда көчөдөн же автоунаалардан кыргыз тилинде суроо узатып калган башка улуттагы адамдарды көргөндө кадимкидей сыймыктанып, руханиятың көкөлөй түшөт. Кыргыз мамлекетинде кыргыз эли титулдук улут болгондуктан, башка элдердин биздин салт-санаабызды, тилибизди, маданиятыбызды урматтоосу биз үчүн чоң сыймык болор эле. Бул жерден эч кандай улутчулдуктун тамырын издебеңиз. Болгону биздин жерибизди, элибизди сыйлаңыздар. Элибизде "Кайсыл жерде жашасаң, ошол жердин ырын ырдайсың" деген накыл кеп бекеринен чыкпаса керек. Кыргыз жеринин абасы, суусу, азыгы кандай пайдалуу болсо, кыргыз тилин, маданиятын билип, аны үйрөнүү дагы өзүңүз үчүн абдан пайдалуу болот. Бодуен де Куртене айткан "Великий могучийдин" улуулугунда шек жок. Бирок кыргыз жараны болгондон кийин мамлекеттик тилибизге астейдил эмес, жоопкерчиликтүү мамиле жасайлы, урматтуу мекендешим!



№5 мектептин 2-Е классынын окуучусу Вайт Вейлан

## Кыргыз мектепте орус жана америкалык балдар окуйт

№5 Улуттук компьютердик гимназиясынын кыргыз тили мугалими Жоробекова Калбүбү:



*Кыргында далай беттешип,*
*Кыргыздар нени көргөн жок.*
*Кырылып көбү өлсө да,*
*Кыргыз тили өлгөн жок* – деп Насирдин Байтемиров акыныбыз айткандай, кыргыз тили байыркы тилдердин бири. Дүйнөдө кайталангыс ири, океан эпос "Манас" да кыргыз тилинде жаралган. Демек, биздин тилибиз – бай, көркөм, кооз тил.

Мына кылым карыткан кыргыз тили 1989-жылдан баштап Мамлекеттик тил макамына ээ болду. Биз ошол жылдын 23-сентябрынан ушул күнгө чейин тил күнүн майрамдап келебиз. Тилибизге болгон урмат-сый улам тереңдеп жатат. Кыргызстанда жашаган башка улуттар да кыргыз тилин үйрөнүүдө. Ошондой эле кээ бири балдарын кыргыз мектептерине берип окутууда. Мисалга алсак, биздин эле мектепте орус улутундагы окуучу жана 2-4-класстардагы америкалык эки бир туугандар окушат. Кыргызстанга келгендерине он ай гана болуптур. Бул бизди абдан кубандырат. Кээ бир учурларда өзүбүздүн балдар кыргызча сүйлөбөй, башка тилде сүйлөшүп, эне тилди жерип жаткандары да бар. Качан эл каада-салтын, үрп-адатын жана эне тилин унуткан кезде маңкуртка айланат. Ошондуктан өз тилибизди өркүндөтүп-өстүрөлү, өз элибиздин намысын коргойлу, кооз, сулуу, таттуу сүйлөйлү!

## Тил комиссиясынын иш-чаралары

КРдин Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын билим берүү жана уюштуруу иштери бөлүмүнүн башчысы Аида Ишеналиева менен маек



**– Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү багытында кандай алгылыктуу иштер аткарылды?**

– Эл аралык эне тили күнүнө карата 2015-жылдын 19-февралында И.Арабаев атындагы КМУда "Улуттук программаны аткаруудагы маселелер" аттуу илимий-конференция өтүп, ал эми 20-февралда республикалык "Бешик ыры" сынагы жыйынтыкталды. Кыргыз, орус, англис тилин мыкты билген кыргызстандыктардын жаңы муунун тарбиялоо максатында Улуу Жеңиштин 70 жылдыгына карата Республикалык көркөм окуу сынагы 12-13-май күндөрү жыйынтыкталды. Апрель айында "Сабаттуу жазалы" билим берүүчүлүк акциясы республикалык деңгээлде өткөрүлдү. Иш-чарага 31105 адам катышып, анын ичинен 11 156 адам "5", 14 273 адам "4", 4836 адам "3", ал эми 840 адам "2" деген баа алышты. 26-июнда К.К.Юдахиндин 125 жылдыгы жана СССР мамлекеттик сыйлыгына татыган "Кыргызча-орусча сөздүккө" 50 жыл толгон маарекелердин урматына Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссия Т.Сатылганов атындагы Кыргыз улуттук филармонияда салтанаттуу кече өткөрдү. "Кыргызча-орусча сөздүктүн" ичиндеги унутта калган, колдонуудан чыгып бара жаткан 7000 ден ашуун сөздү камтыган "Сөздүктөгү сөздүк" аттуу китеп салтанатуу кечени конокторуна таратылды. Чет жерде жүргөн мекендештердин балдарына 1-11-класстар үчүн "Эне тил" окуу куралы биринчи жолу иштелип чыкты.

**– Мамлекеттик кызматкерлерди окутуу иштери кандай жүрүп жатат?**

– Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 30.10.2013-ж. №439 буйругу менен бекитилген "Кыргыз Республикасында элдердин биримдигин жана этностор аралык мамилелерди чыңдоо" Концепциясын ишке ашыруу боюнча КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын алдындагы Окуу-маалымат борбору тарабынан этносторго кыргыз тилин окутуу боюнча баштоочу, улантуучу деңгээлдер боюнча окутуу китептерин иштеп чыгууга жумушчу топ түзүлдү. 2015-жылдын башынан тартып мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерди мамлекеттик тилде иш кагаздарын жүргүзүү боюнча акысыз семинар-тренингдер өткөрүлө баштады. Семинарда орфография, кыргыз тилинин жазуу эрежелери, Улуттук программа, Кыргызтест, котормо, термин маселелери, кодификация жана иш кагаздарын жүргүзүү боюнча маалыматтар берилип, катышуучулар практика жүзүндө иштешип, семинардын аягында тест тапшырышты. Ушундай эле семинарлар республиканын бардык облустарында жүргүзүлүп жатат.

# Кызганычтын айынан көзү көрбөй калган курмандык



Сүйүү, кызганыч маселесинен улам эки үй-бүлөнүн балдары урушуп, эки кошуна бири-бирин көргүсү келбей соттошуп жүрүшөт. Бирөөсү камакта жатса, экинчисинин бир көзү көрбөй калган

АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ

## "Фит автоунааңды жана 100 миң сом берсең, мен иниңди бир күндө чыгарып берем"

Окуяны жабырлануучунун агасы Алтынбек Орозбаев төмөнкүчө баяндап берди: "2014-жылы 27-сентябрь күнү иним Нурбек үйлөнгөн. Үйлөнгөн күнү келинимдин ата-энеси келип, биз аларды узатканбыз. 28-сентябрда түнкү саат 4тө биз уктап жаткан кезде Нарматов Мунарбек досу менен келип, иним Нурбекти эшикке чакырышат. Кире беришке кирип келишип, Нурбекти кастет менен көзүнө урат. Анан аны эшикке алып чыгып кетишет. Инимдин аялы кыйкырып, берки бөлмөдө жаткан иним чыгат. Эки келиним жана жеңем эшикке чуркап чыкканга чейин инимдин көзүн жарып коюшкан болот. Инимдин көзү сабоодон кийин көрбөй калган. Мунарбек уруш болгондон 3 күндөн кийин укук коргоо органдарына барып, мени Нурбек урду деп кайрылат. Иним Нурбектин көзү айыгып калганда, 16 күндөн кийин участкалык милиция үйгө келет. Участкалык милиция "Сен Мунарбекти уруптурсуң, биринчи күнү суракка кел" деп чакырып кетет. Ал барса, сурабай эле 72 саатка камап коёт. Биз сураштырсак, Мунарбектин эч кандай ооруканага жатпаганы билинди. Биз Өзгөн райондук соттук-медициналык экспертизага барсак, "Мен бирөө менен соттошуп атам, мага "жаракаты оор" деген анализ жазып бер, 1000 сом берем" дегени билинди. Эксперт Мунарбекке "Сенин денең таза турса, мен сага кантип соо эмес деген анализ жазып берем. Мен сенин 1000 сомуңду алып соттошкум келбейт" деп кетириптир. Мунарбек облустук соттук-медициналык экспертизага барып, "оор жаракат" деген анализ алып келет. Бул бала кылмыш ишинен качуу үчүн менин инилеримдин үстүнөн арыз жазып отурат. Учурда Бактыбек уулу Камбарбек деген инимди камап коюшту. Ал инимдин бул окуяга эч кандай тиешеси жок. Иним эч кимди урган эмес. Биздин жактоочубуз 2 тергөө ишине катышып, калган тергөөгө катышпаптыр. Тергөөчү Нурбекке "Мен сага жактоочу таап берем, 5 миң сом жактоочуга бересиңер, 1 күн ичинде мага 20 миң таап берсең, мен иниңди сотко чейин камабайм" деп айтыптыр. Иним эч кимге чалбайт, ал күнү 25 миң сом таба албай иним камакка кетет. Биз үйүбүзгө келип, инибизди уруп кетсе, жактоочубуз актайт деп ишенип жүрө бергенбиз. Биз балдардын үстүнөн арыз жазганбыз, бирок аларга бир дагы кылмыш иши козголгон эмес. Биз жабырлансак, үстүбүздөн иш козголуп атат. 1 жыл аралыгында 4 тергөөчү алмашты. Биз бир жылдан бери суракта жүрөбүз. Тергөөчүлөр каалаган убагында суракка чакырат. Түнкү 12 де чайканада отуруп алып чакырышат экен. Суракка келсе, тергөөчү достору менен сыра ичип отурат экен. Булар акча алуу үчүн түрдүү нерселерди жасашты. Биз айласыздан акча бергенге мажбур болдук. Дасторкон жасап алып, 50 миң сом көтөрүп бардык. Барсак, "Фит" үлгүсүндөгү автоунааңды жана 100 миң сом берсең, иниңди бир күндө чыгарып берем" деп айтты. Тергөөчүлөр бизди урган тарапта болуп атат. Азыр кайсыл жерге кайрылышты билбей калдык. Райондун прокуратурасына, облуска, башкы прокуратурага өтүнүч жаздык. Эч кимден жооп жок. Иним өлүү менен тирүүнүн ортосунда жүрөт. Орозматов Улан аттуу акыркы тергөөчү Бактыбекти "Мен айткандай жазасың" деп уруптур. Инибиз 104-берене менен камалып отурат".

## "Келинчегим менен макулдашып үйлөнгөнбүз"

Жабырлануучу Нурбек Орозбаев: "Келинчегим экөөбүз сүйлөшүп, бири-бирибиз менен макулдашып үйлөнгөнбүз. Мен аны эч кандай ала качып кеткен эмесмин, макулдашып алгам. Үйлөнгөн күнү түнкү саат 4тө уктап жатсак, Мунарбек бирөөнү ээрчитип келди. Келинчегим этият бол андан, ал мени базардан бычак менен кубалаган" деп айтты. Мен чыгып, "Нурбек сенсиңби?" дегенде "Ооба, менмин" десем, колундагы кастет менен көзгө бир урду. Көзүм караңгылашып туруп калсам, жанындагы досу менен мени эшикке сүйрөп чыгып кетти. Үйдөгү жеңем, иним чыккандан кийин кетишти. Эртеси күнү ал 8 баланы үйгө жөнөтүп, айфон телефонду алып бергиле деп айттырып жибериптир".

## "Мен аны тааныбайм"

Жабырлануучу Нурбектин жубайы Мээрим Макашева: "Ал бала биздин айылдан болот, кошуна болчубуз. Буга чейин ал менин артымдан сөз айтып жүрчү. Мунарбек үйлөнбөгөн эле. А мен буга чейин турмушка чыккам. "Мага турмушка чыгасың" деп жүргөн. Мен "өзүмдүн теңиме тиейин" деп, бул күйөөмө турмушка чыккам. Учурда ал мен жөнүндө "Бул мага смс жазган" деп, болбогон нерселерди айтып жүрөт. Мен аны менен сүйлөшүп жүргөн дагы эмесмин. Ошол мезгилде менин телефонум дагы жок болчу. Мунарбек башында "Мен мас абалымда үйүнө барганмын" деп, мойнуна алып аткан. Ал эми азыр "Бул мага смс жазган" деп айтып атат. Мен аны тааныбайм. Ал өзү иштебейт, анын таекеси спортсмен".

## "4 жылдан бери Мээрим менен кыз-жигит болуп сүйлөшүп жүргөм"

Сабады делген Мунарбек Нарматовго кайрылсак, анын өзүнчө чындыгы бар экен: "Мен аларды урган эмесмин, калп айтыптыр. Мен Мээрим менен 4 жылдан бери кыз-жигит болуп сүйлөшүп жүргөм. Аны ала качып кетиптир деп угуп, аркасынан эмне болдуң деген ой менен эле барганмын. Үйүнө барсам, Нурбек мени 5-6 бала менен чыгып сабаган. Ошол сабоодон кийин бир көзүм көрбөй калды. Мен Өзгөндөн, Оштон, Бишкектин соттук-медициналык экспертизасынан өттүм. Экспертиза "көзүң көрбөйт, начарлашы мүмкүн, бирок оңолбойт" деп чечим чыгарды. Мен ооруканага жаттым, алар менден кабар алган жок, кечирим дагы сураган жок. Эми алар ар кайсы жерге калп айтып, актануу үчүн ар кайсы нерсени ойлоп чыгарууда. Мээримдин мага жазган смстери бар. Айылдагы элдин баары эле билет, менин артымдан чуркап жүргөнүн. Ал мени дайыма "Дары ичип өлөм, колуму кесип өлөм" деп коркутчу. Апасынын, сиңдисинин, өзүнүн номери менен жазган смстери бар. Ал мага "Эгерде мени ала качып кетсе, артымдан бар" деп жүргөн. Мээрим менен жолукканга инимди ээрчитип барганмын. Алар көзгө урганда, көзүм ичинен жыртылып кеткен. Ошол себептен азыр бир көзүм такыр көрбөйт. Мээримдин мындай акмак экенин билгенде сүйлөшпөйт болчумун. Учурда ал мени такыр таанybaган адам болуп, ар кайсы жерге кайрылып отурат. Бардык нерсеге ошол күнөөлүү".

## "Азыр мамлекет демократия болуп кеткен"

Жабырлануучунун агасы Алтынбек Орозбаевдин "Тергөөчү Улан Орозматов "Хонда Фит" моделиндеги унааны жана 100 миң сом сураган" деген сөзүнүн канчалык деңгээлде чын экенин билүү үчүн Өзгөн районунун Ички иштер бөлүмүнүн тергөө бөлүмчөсүнүн башчысынын орун басары, милициянын капитаны Улан Орозматовго кайрылганыбызда, тергөөчүнү жөн жерден каралаган үчүн кимдир бирөөлөр жооп бериши керек деп, төмөнкүлөргө токтолду: "Иш 17-августта сотко жөнөтүлгөн. Алардын тергөөчү акча сурады деген сөздөрүнүн баары жалган. Ар ким ар кайсы нерсени жазып атат. Кылмыш иши мыйзамдын чегинде тергелип, соттук кароого жөнөтүлгөн. Тергөөчүлөр тарабынан акча же башка нерсени талап кылуу болгон эмес. Керек болсо, ошол айткан кишилердин үстүнөн моралдык жабыр тартканым үчүн сотко да кайрылышым мүмкүн. Бул иштин аягына чыгам. Жөн жерден эле тергөөчүнү каралап, республика боюнча жаманатты кылганы үчүн кимдир бирөө жооп бериши керек".

*Бир айылдагы эки кошуна бул урушту сотко, маалымат каражаттарына жеткирбей, өз ара эле чечишип алса жакшы болмок. Бул жерде бирөөсүнүн иниси камакка кетсе, экинчисинин көзү бул окуядан көрбөй отурат. Кыргыз эли мурда урушту укук коргоо органдарына жеткирбей, өз ара бир тууганча чечип койсо, азыркы учурда сот аркылуу чечип калганы өкүндүрөт.*




Сүрөт ▸ Акипресс

Алтынбек Орозбаев, Нурбек Орозбаев жана анын жубайы Мээрим Макешева маалымат жыйынында




Сүрөт ▸ Акипресс

Мунарбек Нарматов өзүнүн туугандары менен маалымат жыйынында

# Дүйнө мамлекеттеринин үйлөнүү тойдогу ырымдары

Дүйнө жүзүндөгү өлкөлөрдүн азыркы тапка чейин өздүк ырым-жырымдары бар. Ал эми өзгөчө салт-санаалар үйлөнүү той учурларында байкалат. Булардын айрымдарына токтоло кетсек

**Германияда** тойдон кийин эки жаш жубайларга араа менен отун берип, аны тең экиге бөлүп аралатышат. Бул үй жумуштарын экөө бирдей кылсын дегенди билдирет.



**Францияда** эки жаш үйлөнгөндөн кийин туугандары, дос-курдаштары алардын айнегинин түбүнө келип алып, казан-аяктардан концерт коюшат. Аларды тынчтандыруу үчүн эки жаш аларга таттууларды берүүсү керек.



**Нигерия** өлкөсүндө турмушка чыга турган кыз сөзсүз түрдө семиз болуусу керек. Эгер кыз арык болсо, ал турмушка чыга албайт. Кенияда бул ырымды азыркы учурга чейин аткарып келишет. Буга ылайык үйлөнгөндөн кийин күйөөсү аялынын баркын билүү үчүн анын кийимин бир ай кийип жүрөт.



Кызыгы **Бали** аралында үйлөнүү той дасторконунда жалаң гана айымдар олтурат. Эркектер кайда десеңиз, алар түнү менен тамак жасап чыккандыктан, эс алууда болушат.



**Афганистанда** эгер эркек үйлөнүүнү кааласа, жактырган кызынын чачынан бир аз кесип, бетин жоолук менен жаап, бул менин жубайым деп койсо жетиштүү болот.



**Шотландия** мамлекетинде үйлөнүү тойго жашыл кийим кийүүгө, жашыл түстөгү тамак-аш, мөмө-жемиш коюуга болбойт. Себеби жашыл фея жана арбактардын өңү болгондуктан, жамандык алып келет деп айтылат.



**Борнео** аралынын жашоочулары аялзатын жаңы турмушка чыкканга чейин өлүк абалында болот деп эсептешет. Ага ылайык кыз киши тирүү өлүк катары кабыл алынат.



**Грецияда** күйөө бала той бүткүчө жубайынан бутун бекитет. Эгер жубайы бутун басып алса, анда аны башкарып калат дегенге жатат.



Бетти даярдаган ТАҢЧОЛПОН БАКЫТБЕК КЫЗЫ



# Б.Тиленбаева: “Кыргызстан деп чакырганда ыйлап жибердим”

Кыргыздын камчыга сап кыздарынын бири, дал ушул биз кеп кылып жаткан шахмат дүйнөсүндө байыр алган, жеткинчектерди да бул дүйнө менен тааныштырып, эл аралык ареналарга чыгарып, мыкты көрсөткүчтөрдү көрсөтүп жүргөн Бактыгүл Тиленбаева менен тааныштырмакчыбыз

НАЗГҮЛ АКУНОВА

Тарыхы бир жарым миң жылды камтыган шахмат оюнун кимдер гана билбейт. Кичинекей баладан тарта аксакалдарга чейин сүйүп ойногон бул оюндун тамыры байыркы Индиядан башталат.

Шахматтын жүрүшүн кадимки адам баласынын жашоосу менен да айкалыштырып караса болот. Жашоодо да шахмат оюну сыяктуу акыл калчап, терең ойлонуп, сабыр менен кадам таштасаң сөзсүз жеңишке жетет эмессиңби.

Балдарды шахматка үйрөтүү менен аларды жашоого тың, тоскоолдуктарды сабыры менен жеңе билген аң-сезимдүү кылып тарбиялоого боло турганын алда качан эле далилдешкен.

Гезитибиздин ар бир санында элибиздин өсүп-өнүгүүсүнө кандайдыр бир деңгээлде салым кошкон инсандар менен тааныштырып келебиз. Бул жолу да кыргыздын камчыга сап кыздарынын бири, дал ушул биз кеп кылып жаткан шахмат дүйнөсүндө байыр алган, жеткинчектерди да бул дүйнө менен тааныштырып, эл аралык ареналарга чыгарып, мыкты көрсөткүчтөрдү көрсөтүп жүргөн Бактыгүл Тиленбаева менен тааныштырмакчыбыз.

### Фигуралар жоголуп кетсе картошкадан жасап, караларын көмүргө чылап боеп алчубуз.

Негизи шахмат оюнуна үй-бүлөбүз менен кызыгып ойноор элек. Атам баш болуп, үй-бүлөнүн турнирин өткөрчүбүз. Апам шашкиден үй-бүлөбүздүн чемпиону болчу. Он бир тууган камыр-жумур болуп, ата-эне менен чогуу шахмат ойноо кандай ырахат! Баарыбыз мектепти 4-5 деген баалар менен окудук, бул да болсо шахматтын пайдасы деп эсептейм.

"Эмгекчил" колхозунда атам башкарма болуп иштеген. Шахматтын фигуралары жоголуп кетсе картошкадан жасап, караларын көмүргө чылап боёп алчубуз.

### Турмушка да шахмат ойногон жигитке чыктым

2-класста окуп калганда Нарын шаарына көчүп келдик. Токтогул мектебинин турнири болуп калды. Мен кыздардын арасында 2-орунду алдым. 1-орунду 9-класста окуган Гүлмира жеңем алган эле. Нарындан турнирлерге катыша баштадым. 4-класста биринчи жолу республиканын биринчилигине катышкам.

Мектеп курагынан баштап эле жашоом шахматка байланыштуу болуп калды. Турмушка да шахмат ойногон жигитке чыктым. Үч баланы болгондон кийин машыктыруучу кесипти аркалап баштадым. Анткени ал учурда Илимдер Академиясында иштеп жүргөм. Эрте менен 9дан тарта кечки 6га чейин жумушта болуп, балдарыма көңүл бура албай калчудаймын. Аял киши болсом, биринчи орунда үй-бүлө болгондуктан, мамлекеттик жумуштан баш тартып, өзүм сүйгөн шахмат боюнча машыктыруучу болуп алдым. Мен үчүн машыктыруучулук кесип эң ыңгайлуу болду. Каалагандай күн тартибин коюп алдым да, балдарымды да кружокторго ташыганга убакыт табылат, өзүмө жаккан жумушум да болду.

Үч кызым тең шахмат ойношту, бирок "хобби" катары. Анткени кыздарым сүрөткө, музыкага, бий кружогуна да барышчу. Кичинемде Чехов, Тургеневдердин китептерин абдан көп окугам.Ошондуктан кыз балдар музыка, сүрөт, чет тилдерди мыкты билиш керек деп эсептер элем.

### Кыргызстан деп медалды бергенге чакырганда кубанычтан, толкундангандан ыйлап жиберген элем

Өзүм 8 жолу Дүйнөлүк Олимпиадага катыштым. Эң эсте каларлык олимпиада Испанияда Пальма де-Майоркада өткөн олимпиада эле. Ошол жылы федерациянын мүмкүнчүлүгү чектелүү болуп, мен, кызым Жаңыл жана Грета Лим аттуу айым үчөөбүз аялдар командасына ойнодук. Негизи керек учурда алмаштырып турганга 4 оюнчу болуш керек эле. Бирок биз үчөөбүз эле бара алдык. Ошол турнирде биздин аялдар командасы группадан 1-орунду алып, "кичи" алтын медалды утуп алганбыз. Медалды берерде “Кыргызстан” деп чакырганда кубанычтан, толкундангандан ыйлап жиберген элем. Кызым жанымда турду. Илюмжиновдун колунан медаль тагынганбыз. Ошол учур эң бактылуу жана баалуу эсте калган көз ирмем болгон.

### Ал учурда бизден аз бала барса да медалга илинип келер элек

2006-жылы Кыргызстандын тарыхында биринчи жолу 16-18 жаштагы кыз-уландар арасында Азиянын биринчилигин өткөрдүк. Турнирде 2 балабыз 1-орунду алды. Окуучуларымдын арасынан Азиянын биринчилигинде жеңишке жетишкендери болду. Барган сайын биринен-бири угуп, менин мектебиме келгиси келген балдар көбөйдү. Улам сандары арбыганда кайсыл жерде өткөрөрүмдү билбей калдым. Ошол жагдайда ата-энелер да мага түрткү болушту. “Кайсы жакка десеңиз да барабыз” деп, мени менен чогуу издеше башташты. Анан ушул татынакай имаратты таап алдым. Атайын шахмат үчүн салынгандай. Азыркы тапта менден сырткары жумушуна берилген 4 тренерим бар. Биздин максатыбыз – Азиянын, дүйнөнүн биринчиликтерин багындыруу. Анткени кичинекей балдарыбызды көптөгөн эл аралык турнирлерге алып чыккандыктан үмүтүбүз чоң. Азыр Кудайга шүгүр, мамагенттик чемпион болгон балдарыбыздын жол каражатын чечип берип, ата-энелерге абдан эле жеңилдик болду. Ал эми мурда 10 бала барыш керек болсо, 3 балага гана берип коюшчу. Мисалы: Иранга бардык, бизден 4 бала, казактардан 20 бала. Сандан атаандаштык, атаандаштыктан сапат болот да. Алардын чемпион болгондорун көргөндө абдан ичим күйчү. Ал учурда бизден аз бала барса да, медалга илинип келер элек.

Өзгөчө акыркы жылдары кошуналарыбыз абдан көп жетишкендиктерге жетишишти. Аларда гроссмейстерлер 20 га чукулдап, бизде ырым үчүн да бир гроссмейстер жок. Альгис Шукуралиев, кийин Семетей Төлөгөн теги Олимпиададан гроссмейстердик минимумду толтурушту, бирок рейтинги жетпей наамды ала алышкан жок.

### Балким Кыргызстандагы эң бай айымдардын бири болмокмун

Негизи менден абдан жакшы бизнесмен чыкмак. Балким, Кыргызстандагы эң бай айымдардын бири болмокмун. Бирок шахмат оюнун абдан жакшы көргөндүктөн, шахмат аркылуу өзүбүздүн мамлекетке көптөгөн пайда алып келеримди эсептегенде тараза ташы шахматка ооп кетти.

### Биздин борбордо машыккан балдар 6 алтын, 5 күмүш, 3 коло медалды уттук

Бардык нерсени шахмат үчүн кечип салгандан кийин бир нерсеге жетиш керек да! Шахмат борборун ачуу менин 20 жылдык кыялым эле. Эки кызым мени аяп, “Апа, кредит алып борбор ачам деп жатасыз, жаныңызды кыйнабай азыркыдай эле иштеп, жылына балдар менен 3-4 чет мамлекетке барып, тынч эле иштей бериңизчи” деп суранышты. Менин артка тайсалдабашымды түшүнгөндөн кийин алар да мага жардам бере башташты. Ошентип өзүңүздөр көрүп турган шахмат борборун ачып калдым. Азыр балдарын алып келген ата-энелер абдан ыраазы болуп жатышат. Өзгөчө түзүлгөн шартка жана берилген билимдин сапатына миң мертебе рахматтарын айтып жатышат.

20-26-июль күндөрү Президенттибиздин Кубогу 2-жолу уюштурулду. Биздин борбордо машыккан балдар 6 алтын, 5 күмүш, 3 коло медаль уттук. Бардыгы болсо 10 алтын, 10 күмүш , 10 коло медаль ойнотулган.






# Жашоонун жары болгон тоскоолдуктар

Баланын башынан сылап, алгач турмуш курганда гана жашообуз жакшы болоруна ишенебиз. Ошондо бакытка бөлөнүп, ошол убак келсе деп күтөбүз. Ошол учур да келет. Эми балдар чоңоюп, өзү нан чайнап, бутка турса деп эңсеп, ошондо жашоо дагы да жеңилдеп, бактылуу болобуз деп ойлойбуз. А бирок мындай бүтпөгөн биринин артынан бири тизмектелген, кезеги менен балдардын өткөөл мезгили келет, ал да өзүнчө бир түйшүк. Бул мезгил өтөрү менен тынч, бакубат жашоо болорун, машина аларыбыз, эс алууга, эмгек эргүүсүнө чыгарыбыз менен жашоо дагы да оңолоруна, жеңилдээрине ишенебиз. А бирок учурда жашап жаткан убактан башка эч кандай мезгил жок.

Жашоо дайым мына ушундай бүтпөгөн күрөштөн, кармашуудан турат. Эң эле жакшысы, ага баш ийип, эмне болгон күндө да бактылуу болууга аракет жасоо зарыл. Альфред Соузга тиешелүү жакшы бир сөз бар: «Көп убактан бери жашоодогу чыныгы жашоонун башталарына ишенип жүрдүм. Бирок ар дайым жолума тоскоолдуктар, алгач жасай турган бүтпөгөн жумуш артынан жумуш, төлөнө турган карыздар чыга берди. Оюмда мына ошолор бүткөндөн соң жаңы жашоо башталмак. А бирок булардын баары ошол тоскоолдуктар менин жашоом экендигин түшүндүм».

Албетте, үмүт үлбүрөп жанса да үзүлбөйт деңизчи. Адам илгери үмүт менен жашап, кыйынчылыктарды жеңет эмеспи. Байкап көрсөк, бакыт бул жашап жаткан мүнөттөр экен. Мындай болгон соң, ар бир секунддун кадырына жете билүү, ал эми биз издеген бакытты өзгөчө бир адам менен бөлүшүү, ага көбүрөөк маани берүү, убакыт эч кимди күтпөстүгүн жадыбыздан чыгарбообуз керек.

Ушундайча окууну аяктаганга, миллиондогон сомдорду топтоого, балалуу болуп, алар уядан учуп, иштегенге чейин, эмгек өргүүгө чыкканга, турмуш курганга, жаңы бир үй же машина сатып алганга чейин, карызды төлөгөнгө чейин, жазга, күзгө чейин, айлык тийген күнгө чейин, ырыңыз ырдалып бүткөнгө, өлгөнгө чейин бактылуу болуу үчүн ушул жашап жаткан убактан башка жакшы бир учурдун болгонуна ишенүүдөн, күтүүдөн кайтуу. Бакыт – бул бир нерсени күтүү же жарыш же мара эмес, бир сапар, узун жолдун дал өзү. Ар бир жашап жаткан мүнөттөр биздин бактыбыз. Тирүүлүктүн өзү эле бакыт эмеспи!



# Эки суроо

## Бул тамаша эмес

**1-суроо:** Эгер кулагы укпаган үч, көзү көрбөгөн эки, акылы кем, баары болуп 8 баласы бар кош бойлуу аялды жолуктуруп калсаңыз, аны боюндагы баласын алдыртуусуна кеңеш берет белеңиз?

*Бул суроого жооп бербей туруп, кийинки суроого көңүл бөлүңүз.*

**2-суроо:** Ушул убакта дүйнө лидерин тандоо убагы болуп жатат. Сиздин добушуңуз акыркы чечүүчү ролду ойнойт. Төмөндө 3 талапкер тууралуу маалыматтар. Кимисин тандайсыз?

1-талапкер – Жалганчы саясатчылар менен биригип алып, көзү ачыктар менен кеңешет. Тамекини суудай тартып, күндө 8-10 стакан мартини ичет.

2-талапкер – Эки жолу иштен айдалган, түшкө чейин уктайт, университетте окуп жүргөндө баңги заттарды колдонгон жана дайым кечинде 1 литр вино ичет.

3-талапкер – Согушка катышкан баатыр, ордени бар. Эт жебейт, тамеки тартпайт, кээ бир учурларда гана пиво ичет жана үй-бүлөсүнөн башка эч ким менен эч кандай мамилеси болгон эмес.

*Ушул талапкерлердин ичинен кайсынысын тандамаксыз?*

*Алгач бир чечимге келип, андан соң жообун караңыз.*

1-талапкер – Франклин Делано Рузвельт

2-талапкер – Уинстон Черчилль

3-талапкер – Адольф Гитлер

*Эми биринчи суроону дагы бир окуп чыксаңыз. Эгер боюнан алдыртууга макул деген жоопту берген болсоңуз, 1778-жылы туулган, жазган музыкасы азыркыга чейин эң көп угулуп келе жаткан атактуу австриялык композитор Людвиг Ван Бетховенди өлтүрдүңүз.*



# Жубайлардын көчөтү

Үй-бүлө тизгинин жаңы эле тарта баштаган эки жаш турмуш куруу алар ойлогондой, алар кыялдангандай эместигине ынанышкан эле. Чынында бирин-бири аябай сүйүшчү. Бирок көп өтпөй мурдагы сүйүү, мурдагы мамиле, мурдагы жылуу сөздөр айтылбас, кайталанбас болду. Болбогон бир кеп, көз караш чоң жаңжалдын чыгуусуна жетишерлик эле.

Бир күнү жашоолору эмнеге алар ойлогондой болбой жаткандыгын жакшылап талдап көрүүнү чечишет. Турмуштун мынтип улануусу да, ажырашып кетүүлөрү да жакшы эместиги экөөнө тең белгилүү. Ошентип көпкө отурушат, бир убакта жолдошу «Оюма бир нерсе келди» деп мындай сунуш айтат. «Бакчага бир көчөт тигели, эгер ал үч айдын ичинде көгөрбөсө, анда ажырашалы. Жок, көктөп кетсе, анда бул тууралуу өмүр бою ойлобойлу. Бул убакта эки башка бөлмөлөрдө жашайлы».

Бул пикир жубайына да жагат. Эртеси мөмө берчү көчөт алышып, короого отургузушат.

Арадан бир ай өтөт. Бир жолу бир оокумда короодон кезигип калышат. Экөөнүн тең колунда суу толтура чака бар эле...

# Ой берметтери

Баланын жакшы да, жаман да жүрүш-турушунан апасы жоопкерчиликтүү.
Наполеон

Акылдуу аял үйүн бактылуу, акылсыз бактысыз кылат.
Т.Бернард

Бакытты башканын үйүнөн издегендердин өз үйүндө бакыты жок.
Ж.Ж.Руссо

Сүйсөң гана сүйүктүү боло аласың.
Д.Карнеги

Убактымды колдонууну билбедим. Эми ал мени колдонууда.
У.Шекспир

Иштерди бүгүн бүтүрсөңүз, эртеси күнү дагы да жакшы иштейсиз.
И.Ньютон

Аялдын жүрөгү - аягы көрүнгүс жарга окшош, ошондуктан тереңдигин өлчөө мүмкүн эмес.
Л.Фонтейн

Аял болбогондо таланттууларды ким тарбиялайт эле?
Наполеон

Ашыктык, сезим, сабырдуулук аялдын жашоосун түзөт.
О.Бальзак

Эч нерсе жасабаган киши демек бош. Өзүнүн жөндөмүнөн жана алган билиминен да төмөн жерде иштеген киши ни да бош отурган адам менен теңөөгө болот.
Сократ



Бетти даярдаган ЭЛИЗА ИРАНОВА

# Хайлалоо – бул уктаткычтар таймашы

НАСЫПБЕК АСАНБАЕВ



Кумурзстанда уктаткычтар аябай көп. Бул кесип Кумурзстандын кычык-мычыгына чейин кеңири таралган. Айрыкча хайлалоо убагы бул уктаткычтардын эң жогорку даражада чыңалып турган маалы болуп саналат. Башка алыскы уяларда кандай экенин ким билсин, бирок так ушул Кумурзстанда хайлалоо учурунда бардык уктаткычтар айыгышкан таймашка түшөт. Мисалы, өткөндө кайсы бир мыркиянын башчысы бир гипгопстар менен сүйлөшүп турганын көпчүлүк көрүп таң калыптыр. Экөө минтип сүйлөшүп атат дейт:

- Хайлалоодо биздин мыркияга ырдай турган гипгопстарды таппай атабыз. Сен кандай дейсиң? Кандай ырларың бар? – деп калат, мыркиянын жетекчиси бир гипгопстарга.

- Дауай. Мен бардык ырларды ырдай берем - дейт гипгопстар. Анда берки:

- Кантип эле баарын ырдай бермек элең? Өзүңдүкү болуш керек да – деп таңыркайт. Ошондо тиги гипгоп кебелбей туруп,

- Силер деле баарын кылабыз деп атпайсыңарбы? Эмне биз баарын ырдасак болбойбу? – деп коёт дейт. Бул жоопко териге түшкөн мыркия башчысы кызаңдап:

- Ой кызыксың го. Биз азыр баарын кылабыз дегенибиз менен кийин элди бат эле уктатып коёбуз. А сен кантесиң? - деп агынан жарылбайбы. Анда гипгопстар оозундагы дабыркайын балчаңдата чайнап туруп,

- Баары бир бизге жетпейсиңер. Силер кийин уктатсаңар, биз мамент уктатабыз. Хонограмма деген бар бизде, хонограмма - деп коёт дейт.

Мына, ушундай хайлалоо таймашы. Ар кимиси ар кандай айтылганы менен кумурзстандыктардын баары уктаткыч кесибин аркалашат. Бирөө хонограмма менен уктатат, бирөө азыр айтып кийин уктатат. А базарларга барсаң, тараза менен уктаткандар, капуста менен уктаткандар, гетикетка менен уктаткандар бар. Кечээ эле өзү тиге калган ыштанга Түркуянын жалбырагын чаптай калып уктатып аткандар толтура. Бирок алар жөн эле чеченечилер да. А бу хайлалоодо дүнүнөн уктаткандар катуу дуулдайт да, чиркин. Топ-тобу менен, талпа-талпасы менен, айыл-айыл, аймак-аймак, дөң-дөң кылып уктатат булар.

Андан сырткары тинт уктаткычтар бар. Кайра тинттерди уктаткычтар бар. Муну башкалар укса ишенбейт. Бирок Кумурзстанда тинттер да катуу уктатат, тинттерди да катуу уктатат. Мисалы, жакында эле бир чычым кумурска көчөнүн чок ортосуна чыгып алып тинттердин ойда энесин окутту. «Кой ай» дегенге да болгон жок.

- Гауржан акама айтам, өтүгүнө шоодайлар! Гауржан акам хаммаңды жайлайт. Шешеңерди таанытам хаммаңдын - деп мурду менен жер челип, көзү менен көк челип айкырып жатты. Алгач эл түшүнгөн да жок. Көрсө, кайран кымча бел ачыткыдан айда жутуп алган түгөнгүр тура. «Майли» дешти. «Жоготкула мындай өлүмтүк көздөнгөн, дердең тумшуктарды. Баягы дрыш-прыш дегендерге барып кошуп ташагыла» дешти. Тинттер бүктөп-сүктөп эле сүйрөп кетишкен. Ошону менен бүттү го деп турушту эле, балээнибы? Даана уктаткыч экен да баягы өлүмтүк көз. Эртеси эле чыкты эл алдына. Жөн чыкпай, эл алдына актанып-мактанып, уктатып-суктатып чыкты.

- Мен мотурайып эле момпосуй соруп келатсам тинттер артыман сайгылап ийишти. Анан өзүмдү кармай албай калыпмын. Өлгө башкача болот экен. Биринчи жолу ушундай болду, өлүп ям кетейин, биринчи жолу болду. Болбосо мен иттей мотурайган баламын. Ал тургай ата-энем да мени «мотуракай» деп эркелетет, - деп калса болобу. Мына сага талант! Мына уктатат деп ушуну айтыш керек. Карап турган, көрүп турган, ал тургай кармалап көргөн кумурсканын баарын уктатып таштады.

А эшек курт сойгон кумурскаларды эми айтпай эле койолу. Баягыда бир эшек курттун эти дуу-дуу болуп барып басылды эле. Юруси деген бирөө тинттерге толгон эшек курттун этин карматып коюп, бүтүндөй Кумурзстанды тинт-минтинен бери уктатып кеткен. Эми ошол кайра келгенби же дагы бир кыраан чыкканбы, айтор, тигил эле Хош уясында бирөөлөр толгон эшек курт багып жүрүптүр. Элүүдөй эшек курт жүрөт дейт жылтырап семирип. Хайлалоодо мыркиялар жайнатып эле тамак берип, жайнатып эле жөргөмүштүн чучугунан таратып атат. Деги ушу эшек курттун чучугу болбосо болду ошолор. Экөөнүн эти менен казы-картасынын айырмасын кумурзстандык кумурскалар жакшы биле албай атышпайбы. Чайнап-чайнап көрүп, даамдап көрүп, анан бир саам ойлонуп тургандан кийин «Жоок, бул эшек курттун эти эмес. Жөргөмүш эле окшойт» деп кулк жутуп коюп атышат. Эптеп чайнатып ийсе болду да, таткалып алган немелер оозунан чыгаргысы келбей жутуп ийишет. Мына ушундай уктаткандар бар.

Кыскасы, Кумурзстанда уктаткыч көп. Айрыкча хайлалоо уктаткычтар үчүн табылгыс таймаш. Дүнүнөн уктата тургандардын дүңүнөн уктатчу маалы ушул...

# Убадакөй жүргүнчүлөр

Аялдамада бир канча киши шаарга кетчү автобусту күтүп отурушкан. Бирок алар жөн отурушкан жок. Улам бири алдыга чыгып, жулунуп сүйлөп жатышты. Бирөө эч уялбай туруп эле минтип айтты:

– Мен мобул автобусту саатына 180 километр ылдамдык менен айдатам. Биз буюрса шаарга өтө ылдам жетебиз. Анан калса жолдо баратканда ар бириңе чай, шекер жана таттуу токочтор берилет. Эч коркпогула, мен муну сөзсүз аткарам деп убада берем.

Бирок анын сөзүн дагы бирөө жулуп алды.

– Кайдагыны айтпачы, досум. Сен 180 менен айдатсаң автобус аңтарылып калбайбы. Аны деген андан көрө түптүз жол менен айдатыш керек. Андан сырткары шаарга тез жетиш үчүн кыска жолдорду тапсак болот. Мисалы, мен автобуска отурсам, жалаң кыска жолдорго салдырам. Ошондо май дагы аз кетет. Биз дагы кыйналбайбыз. Ал эми чай-пай дегенди автобустан эмес, так ошол кыска жолдогу кафелерден мен силерге бепбекер алып берем. Ой тим эле ысык тамак ичесиңер.

– Эй койчу, сен жок тамакты айтпай. Өткөндө да ушунтип айткансың. Бирок тамак тургай таш да берген эмессиң, – деп беттен алды дагы бирөө. Андан көрө мына мени ук. Негизи жол жүрүүдө тамак-аш маселе эмес. Эң биринчи маселе, автобустагы жүргүнчүлөрдүн саксаламат жетчү жерине жетиши. Мисалы, андагы чөнтөкчүлөр, уурулар сенин чөнтөгүңдү тоноп, алдыңдагыны жулуп алып тургандан кийин сенин курсагыңдын тойгонунан не пайда? Айтчы, эмне пайда? Мына ошондуктан эң биринчи ууруларды тазалаш керек. Мына, эгер мен автобуска отуруп калсам, эң биринчи ошол ууруларды тазалайм. Бүт жок кылам аларды. Андан кийин курсагыңарда тамак да болот, шаарга да аман-эсен жетесиңер.

– Ой, койчу ой, сен! Кайдагы ууруну айтып атасың? Маселе анда эмес да, – деди, баятан унчукпай отурган аксакал. – Маселе жанагы жол акыда болуп атпайбы. Ойлонсоңор, азыр жол аябай кымбат. Эгер мен автобуска отурсам, эң биринчи ошол жол акыны арзандатам. Силер өзүңөрдө калган акчага каалсаңар тамак ичесиңер, каалсаңар чай ичесиңер. Уурулардан эптеп коргонсоң болот, а тиги жол акыдан кутула албайсың да. Ошондуктан так ошону азайтыш керек.

– Жок эй, койчу сен аны. Эң биринчи таза аба менен жарык болуш керек. Ошондо ден соолугуң чың болот, – деди дагы бирөө. Бирок аны беркилер сүйлөткөн жок. Ортодо турган аял чарылдап чыга калып, сөзүн бөлүп кетти. Анткен менен ал деле кебин аягына чыккан жок. «Жолду катар ыр-күү, шаан-шөкөт болот» деп келаткан немени бат эле жаагын жап кылышты. Андан кийин дагы бир убадакөй неме чыкты. Андан кийин дагы бирөө. Анан дагы бирөө...



Кыскасы, шаарга кеткен автобус келгиче аялдамада отургандын баары убада берип, ант берип дуулдап жатышты. Качан автобус келип, аялдамага токтогондо баары жанатан берки берген убадаларын унутуп унчукпай отурушту дагы, кудум эч нерсе болбогондой тымтырс болуп жолго түшүштү. Деги, булар да кызык. Качан эле автобусту канча менен айдап, кайсы жолго буруп, кайсы кафеге токторун жүргүнчүлөр чеччү эле? Шоопур текей оттогону отуруптурбу автобуста? Андан көрө ошол шоопур оңолсун деш керек окшойт... А бу жүргүнчүлөр эмне, ажылдайт да турат. Келет да кетет. Келет да кетет...

# Ким болбосун жардам бере алат

Азыр өлкөбүздө кайрымдуулук фонддорунун көп экени баарыбызга маалым. Бирок алардын ичинен алгылыктуу иш алып барып келе жаткандары чанда кездешет. Татыктуу иштерди жасап келе жаткан "Элим барсыңбы" кайрымдуулук фондунун жетекчиси Хабибулла Арзыкулов



## Фонддун максаты эмне

Фонд 2008-жылы Юстиция министрлигинен каттоодон өткөн. Биздин негизги максатыбыз – мүмкүнчүлүгү жетиштүү атуулдарды кызматка тартуу, аларды башкаларга жардам берүүгө үндөө, коомдун пайдубалын бекемдеп, жардамдашуунун көпүрөсү болуу. Колунда жокторго, кароосуз калган карыларга, майыптарга материалдык жана моралдык жактан көмөк көрсөтүү. "Өнөктөш үй-бүлө", "Үзүлбөгөн үмүттөр" ж.б. долбоорлорубуз иштеп жатат. Бул долбоорлордо жардамга муктаж болгон үй-бүлөлөргө социалдык, психологиялык, экономикалык, юридикалык билим берүү, бош убактыларын уюштуруу жаатында колдоо, кийим-кечек жана тамак-аш менен камсыз кылуу каралган. Бизге кымбат, оор операцияга муктаж жарандар кайрылышат. Аларга "Beeline" уюлдук операторунун абоненттери 2015 кыска номерине СМС аркылуу жиберген 25 сом өлчөмүндөгү жардам көрсөтүүсүнүн эсебинен көмөктөшөбүз. Андан сырткары "Мээримдүү тыйын" долбоору аркылуу да операцияга муктаж адамдарга жардам көрсөтүлүүдө. Жылына эки жолу, май жана ноябрь айларында атайын жасалган кутучаларды таркатып, "Мээримдүү тыйын" акциясы өтүп турат. Бул акция жакшы жемиштерин берип келет. Аткарылган иштерге келе турган болсок, 35 акция, 8 долбоор ишке ашырылды.

## Билим берүү боюнча

Билим берүү жаатында айта турган болсок, муктаж болгон үй-бүлөлөрдүн балдарына агартуу иштери жүргүзүлүп жатат. Мектеп интернаттарында ж.б адистештирилген мекемелердин жогорку класстары үчүн англис тили, компьютердик сабаттуулук, электрондук инженерия, жалпы республикалык тестирлөөгө даярдоо, гимнастика, кулинария, көркөм адабиятчылардын кубогу, тренингдер, инсандык өсүп-өнүгүү программалары өтүүдө. Мындан сырткары балдарга гуманитардык жардамдар берилип келүүдө. 83 муктаж үй-бүлө жана 13 социалдык мекеме биз аркылуу туруктуу жардам алып келет. Медициналык жардамга муктаж болгон 33 оорулууга операция жасалды жана 100дөн ашуун адам дарыланууга жиберилди. Орозо, Курман айтта 100 миңден ашуун үй-бүлөгө, 45 социалдык мекемеге эт жана тамак-аш баштыктары таратылат.

## Кимдер менен кызматташат

Жакында Европадагы "Time to help – Yardim zaman" кайрымдуулук фонду менен биргеликте 15 тонна кышкы кийимдерди Кант, Токмок, Сокулук жана Кара-Балта шаарларындагы карылар жана балдар үйлөрүнө барып, таратып келдик. Ушул күнгө чейин 8364 кийим-кече таратылды. Биз менен бирге иш алып барып, кызматташып келе жаткандар 372 массалык маалымат каражаттары, бизнес жана мамлекеттик мекемелер бар. Учурда 1256 ыктыярчы катталып, алар дагы колунан келген жардамын берип келишүүдө. Фондубуз менен чогуу окуу курстары, кесип үйрөтүү, аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө, кайрымдуулук акцияларына, офис иштерине жана медициналык жардам берсе болот. Ар кесип ээлери өз тармагында салым кошо алышат. Бул боюнча 0777 776464, 0312 898622 номерлерге чалып, маалымат алсаңыздар болот.

## Аз учурда бере албаган, көп учурда да бере албайт

Ар бир адам колунда бар мүмкүнчүлүгүн эли менен бөлүшкөндө чыныгы кайрымдуулук болот. Уул-кыздрыбызды бала бакчадан, мектептерден баштап кайрымдуулук кылганды үйрөтүү керек. Интернатта жашаган курдаштарын көрсөтүп турган жакшы. Элибизде "Көчөт кезде эгилбесе, чоң дарак кезде тигилсе кургап калат", "Аз учурда бере албаган, көп учурда да бере албайт" деп айтылат. Азыр кээ бир бай адамдарыбыз бар, кайрылсаң, бир тыйын бербейт. Себеби ал жаштайынан кайрымдуулукка үйрөнгөн эмес. Берүү деген нерсени билбейт, берсе дагы аркасынан өндүрүп алганга аракет кылат. Өздөрү үчүн миллиондорду сарптайт. Бирок кыйналып жаткан тууганы, коңшусу же мекендеши үчүн бир тыйын сарптагысы келбегендер бар. Мекенден эле күтүп жата бербей, ар бир адам өзү ойлонуп, өзү аракет кылышы керек. "Мекен мен үчүн эмне кылды" эмес, балким "Мен мекенге эмне кылдым" деп жашашыбыз абзел. Ар бир адам өзүнүн өлкөсүн, урпактарын, алардын келечегин ойлошу керек. Эгерде бизде ушундай сезимдер чынында эле пайда болсо, анда тез эле өнүкмөкпүз.




## Адамдарга балыкты эмес, кайырмакты кандай кармоону үйрөтүү


Эгер өлкө бай болуп, эли бирибирине мээримдүү болсо кайрымдуулук фонддорунун деле кажети жок болмок. Бизде көйгөйлөр бар үчүн ушундай фонддор ачылып жатат. Кээ бир фонддордун артында ар кандай уюмдар, партиялар турушу мүмкүн. Кыргызстандагы ишкерлердин демилгеси менен ачылган "Элим барсыңбы" кайрымдуулук фонду элибиздин социалдык көйгөйлөрүн чечүү, кайрымдуулук, боорукерлик максаттарынан башка эч кандай максатты көздөбөйт. Адамдарга балыкты эмес, кайырмакты кандай кармоону үйрөтүү керек. Себеби адамдар "мени багат, мени карайт" деген түшүнүктө жашап калышат экен. Кээ бирөөлөр бар, төшөктөн тура алышпайт, аларды караш керек. Алты саны аман-соо, бирок жалкоолуктан улам эч нерсе кылбай жүргөндөр бар. Ошол жалкоолуктан улам иш кылбай жүргөн адамдарыбызды атайын курстарга чакырып, ал жерден окутуп, бир иште иштеп, адал эмгек менен акча табуусуна жардам бергенге аракет кылабыз.

## Кайрымдуулук фонду эмнеге түзүлөт

Кээ бир адамдар бизди тилемчи деп ойлошу мүмкүн. Бирок тилемчи менен "кайрымдуулук" фонддорунун айырмасы бар. Эгер тилемчи жардам сурай турган болсо, аны эч ким изилдебейт, ал эми бизге окшогон фонддун баарын изилдешет. Чын эле бул кайрымдуулук ишке муктажбы, каяктан канча акча алат, жашоосу кандай, мына ушулардын баарын изилдеп чыгып, эгер чын эле муктаж болсо, биз аркылуу кайрымдуулук иштери жасалат. Көчөдөгү тилемчи балким жалкоолуктан улам "бизнес" кылып жаткандыр.

## Алдыда болуучу иштер

Жакын арада болуучу акцияларыбыз – Курман айтка карата эт таратуу жана кышка даярдык. Кышта эң негизгиси жылуулук эмеспи.





Ошондуктан жакында "Көмүр алып берүү" акциясы болот. Бул акцияга чет өлкөдө мекенди сагынып, мекен үчүн бир нерсе кылсам деген жарандарыбызды кызматташууга чакырсак деген пландарыбыз бар. Буйруса, 2015-2016-жылдардын аралыгында жарандарыбыз эң көп жашаган Россияга барсакпы деп турабыз. Буйруса, пландарыбыз көп, ошолор ишке ашсын деп тилейли!

## Элибизден элибизге

Биздин иш "элибизден элибизге" кайра берүү. Эл ортосунда көпүрө болуу. Бирок ошол көпүрө күчтүү, ишенимдүү болгону жакшы. Бай менен муктаждын ортосунда көпүрө болуш керек. "Байды кедей жакшы көрүш үчүн бай ага зекет бериш керек" дегендей. Негизи эле берүүчү адамдарды үч топко бөлүп карасак болот. Биринчиси – "бал аарысы". Мисалы, аары адамдар балымды алып коюшат деп бал кылбай койбойт да. Ошондой "бал аарысы" болуш керек, суратпай эле алып келген. Ал эми экинчиси "мочалка" сыяктуу, ага барып айтып түшүндүрүп, сыксаң бир нерсе чыгат. Үчүнчүсү – "таштар", ага канча айтсаң да, эч нерсе таасир этпейт.

Даярдаган ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ

Гезит ээси – ЖЧК "Горизонт Медиа" Юстиция министрлигиндеги катталуу номери – 1925

САРЕСЕП

**Башкы редактор:** Эсен Өмүракунов
**Редколлегия:** Талгат Деркембаев, Гүлмайрам Бакирова

**Кабарчылар:** Айпери Азатбек кызы, Жылдыз Акбар кызы, Таңчолпон Бакытбек кызы, Рахат Акматова
**Пикир айтуу үчүн E-mail:** saresepkg13@gmail.com

**Реклама жана маркетинг:** Эдил Айдаров
Тел.: (0312) 93 65 55, (0703) 73 82 31
Жарнама үчүн E-mail: saresep@mail.ru
**SMM:** Айжамал Бейшеналиева
**Design:** Горизонт Медиа

**Дареги:** Бишкек ш., Бөкөнбаев көч., 195/71
**Тел.:** (0312) 93-65-55, (0312) 45-48-68
**www.saresep.kg**
**Facebook:** Сaресеп гезити

**Нускасы:** 5000
**Буйрутма №** 2544
Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды. "ММК колдоо борбору" фондунун басмаканасында басылды.